# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ–ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАЙ – ИЮНЬ 2015 | № 5–6 (42–43) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Депутаттык баяндар

Партиялык фактор жана жергиликтүү кеңештер: 2016–жылдагы жергиликтүү шайлоого даярданнуудабыз ..... 2

Конституциялык палата: жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу маселесин козгоо тууралуу жергиликтүү кеңештин укугу конституциялык эмес деп таанылды ..... 8

### Мыйзамдагы жаңылыктар

АЖМФ жерлерин башкаруу жөнүндө Типтүү жобо; баалуу жер участокторун трансформациялоо, АЖМФ айрым жерлерин колдонуу мөөнөтүн 5 жылдан 20 жылга чейин узартуу жөнүндө; мамлекеттик тил жөнүндө; сугарылуучу айдоо жерлерин башка категорияга которууга мораторий жөнүндө; мамлекеттик чек ара жана ЖӨБ жөнүндө; таштанды үчүн административдик жоопкерчилик жөнүндө; мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө; салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө: муниципалдык ишканалар инфраструк–тураны өнүктүрүүгө чегерүүлөрдөн бошотулат; ЖӨБ органдарына республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттар жөнүндө ..... 9

### Борбордук казыналык – ЖӨБ органдарына

Алмаз Бакетаев: коррупцияга даттанган ар бир муниципалитетке жеке өзүм жооп берүүгө даярмын ..... 15

### Жарандардын ЖӨБгө катышуусу

Александровка ААнын элеттик саламаттык комитети: балдар эми кышында үшүбөйт ..... 18

Кызыл–Кыштак ЭСК: муниципалдык транспорт мектепке барчу жолду коопсуз кылат ..... 20

Элеттик саламаттык комитеттери – кыргыз айылдарынын жашоосундагы өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы ..... 22

Жарандардын тынч чогулуштары жамааттын чогу–луштарынан жана жыйындарынан эмнеси менен айырмаланат? Юристтин түшүндүрмөсү ..... 25

Муниципалдык дем берүүчү гранттар борбор калааны жана анын жашоочуларын өзгөртүүдө ..... 27

### ЖӨБ кадрлары

Муз козголду: кадрларды даярдоонун жаңы системасынын алгачкы жыйынтыктарын баалоо ..... 28

Эффективдүү муниципалдык кызмат – региондорду ийгиликтүү өнүктүрүүнүн кепили ..... 31

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Административдик бузуулар жана аксакалдар соту. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен дагы бир муниципалдык сайт ишке кирди. Бишкекте Чүй облусунун муниципалитеттери үчүн ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун расмий бет ачары өттү. 27 айылдык аймагында 2016–жылга бюджетти түзүү боюнча коомдук угуулар өтөт ЖӨБ органдары: “Дем бе–рүүчү грантты алууда жаңы талаптар биз үчүн айкын жана түшүнүктүү болуп калды” ..... 33

### Көңүл чордонунда

Пенсионерлер “Согуштун балдары” статусун алышабы? ..... 44

Социалдык өнүктүрүү министрине карыларга жардам көрсөтүү үчүн мобилдик ремонттук бригадаларды уюштуруу сунушталды ..... 46



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

***Журнал акысыз таркатылат,*** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97–65–30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97–65–29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694–7053**

# Партиялык фактор жана жергиликтүү кеңештер: 2016–жылдагы жергиликтүү шайлоого даярдануудабыз

**Надежда ДОБРЕЦОВА**

***Өнүктүрүү саясат институту Кыргызстандын муниципалитеттериндеги жергиликтүү кеңештерди түзүү процессине жана алардын иш сапатына партиялык фактор тийгизген таасирге ыкыласын коюп көптөн бери көз салып келатат. Эскерте кетели, 2012–жылдагы, андан кийин 2013–2014–жылдары уланган жергиликтүү шайлоолор тарыхта биринчи жолу партиялык фактордун таасири алдында өткөн. Себеби шаарларда жарандар жергиликтүү кеңештин депутаттарын партиялык тизмеден тышкары шайлоо укугунан такыр ажыраган. Ал эми айылдарда шайлоо аралаш принцип менен өткөн. 2012–жылдагы шайлоонун алдында биз жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принциби жергиликтүү өз алдынча башкаруунун табиятына каршы келип, партиялык кеңештер шайлоочулардын эмес, өз партияларынын кызыкчылыктарын көздөй турганы жөнүндө көп эле жазганбыз. Оппоненттер болсо партиялык жергиликтүү шайлоо партиялык курулуш жана өлкөнү башкарууда парламенттик системаны күчтөндүрүү үчүн зарыл болгонун бетке кармашкан. Анткен менен эч бир тарап партиялык кеңештер кимдин кызыкчылыгына иштей турганына ынандырарлык далилдерди келтире алган эмес. Бүгүнкү күндө жергиликтүү кеңештердин кийинки шайлоосу өтөр алдында биз практиканы жана жарандардын партиялык кеңештерге карата мамилесин талдаганга аракет жасадык. Тыянактар бир беткей эмес. Бир гана нерсе анык болуп турат – 2016–жылы өтчү жаңы жергиликтүү шайлоого чейин жергиликтүү жамааттардын жашоочуларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыгында туура чечимдерди кабыл алууга жетишип калуу үчүн анализди уланта бериш керек.***

## Жетишкендиктер тууралуу өз оозунан ...

Өнүктүрүү саясат институтунун адистери 2014–жылы эле Кыргыз Республикасынын айылдарындагы жана шаарларындагы айрым жергиликтүү кеңештердин депутаттары арасында сурамжылоо жүргүзүп, “партиялык принцип менен шайланган жергиликтүү кеңештин ишинде жакшыруулар байкалабы?” деп, депутаттардын пикирин билип көргөн. Бизге булар маалым болду:

- сессиялардын саны көбөйдү (мурда жылына 4–6 сессия өтсө, азыр ондон ашты);
- сессиялар баары үчүн ачык болуп, ага шаардын коомчулугу да катышып калды;
- сессиялар узакка созулуп, кеңири талкуулар орун алууда;
- туруктуу комиссиялардын отурумдары сапаттуу болуп калды (мурда сессиялардын алдында бир саат мурда жолугушуп, документтин долбоорун макулдашып коюшса, эми болсо сессияга чейин бир нече күн мурда толук кандуу отурумдар өтүп, реалдуу чечимдер жана бүтүмдөр кабыл алынат).

Депутаттардын өз миссиясына дагы да жоопту мамиле жасай баштаганынан улам жакшыруулар болуп жатканы байкалууда. Бул партиялык тартиптин талаптарын аткаруунун жыйынтыгы болушу мүмкүн. Бирок ошол эле кезде бул депутаттык корпустун аң–сезими өзгөргөнүнөн улам да болушу ыктымал. Белгилүү болгондой, жергиликтүү кеңештерге келген жаңы депутаттардын саны көбөйдү. Мисалы, Ысык–Көл облусунда депутаттардын 80 пайызы жаңы адамдардан болду.

## Кемчиликтер тууралуу өз оозунан

Шайлоодон кийинки алгачкы жылдары практика көрсөткөндөй, партиялык кеңештердин алдында бир топ көйгөйлөр пайда болду: фракцияларга бөлүнүү мунаса чечимдерди ыкчам жана эффективдүү табууга бут тосуп жатты, ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын башчыларын шайлоодо бир кыйла кыйынчылыктар чыкты. Жогоруда айтылган сурамжылоонун алкагында төмөнкүлөрдү аныктай алдык:

- депутаттар фракцияларга бөлүндү, депутаттардын жеке дымагы биринчи планга чыгып, шаардын көйгөйлөрү экинчи планда кала берди;

- мэрдин, вице–мэрлердин жана мэрия аппаратынын талапкерлиги өтө узакка каралды. Андан кийин бул маселе шаардык структуралардын жетекчилерине жетишти;
- өткөн чакырылыштарга салыштырмалуу депутаттардын дарамети төмөн, партиялык тизме менен билими, иш тажрыйбасы жок депутаттар өттү, ал эми бир мандаттуу шайлоо системасында ар бир талапкер электен өтүп, мыктылары гана суурулуп чыкчу;
- шаардык партиялык уячалар иштебейт, бир нече кеңселери болгону менен, алар шайлоо этабында гана активдеше баштайт;
- бир жылда бир дагы жолу шайлоочулар менен жолугушуулар өткөн эмес, ал эми өткөн чакырылыштарда бул туруктуу практикага айланган эле;
- мэрия менен шаардык кеңештин ортосунда мамиле өтө оор, депутаттар мэриянын ишине тоскоол болууда, маселелер өз убагында каралбагандыктан мэрия тигил же бул тапшырманы аткара албай кала берүүдө.

Мына жогорудагы комментарийлерден улам жергиликтүү кеңештерге бир жагынан дымактуу, бийликке жана көзөмөл жүргүзүүгө умтулган, экинчи жагынан бул үчүн талаптагыдай билимге ээ болбогон адамдар келгени көрүнүп турат. Бул болсо бардык башкаруу системасынын "өсүштөгү бечелдик" белгилеринен кабар берүүдө.

## Облустарда баа берүүдө айырма бар

2012–жылы жана 2015–жылы Өнүктүрүү саясат институту жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерине болгон мамилесинин түрдүү өңүттөрүнө байланыштуу сурамжылоолорду жүргүзгөн. Анкетага жергиликтүү кеңештерге карата мамилелерге байланышкан суроолордун блогу да кошулган. Изилдөөлөр Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишин "оорукана боюнча орточо температура" усулу боюнча баалоо өтө кыйын экенин дагы бир жолу тастыктады. Кыргызстанда жергиликтүү жамааттар региондорго жараша бир кыйла айырмаланат. Оорукана боюнча орточо температура дарылоонун сапатынан жана дарыгерлердин квалификациясынан кабар бербегендей эле, партиялык фактордун ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын – жергиликтүү кеңештердин ишине тийгизген таасиринин даражасын орточо баалоо да саясатчыларга айкын маалымат бере албайт. Орточо алганда, өлкө жашоочулары партиялык фактордун таасирин баалоодо болжол менен экиге бөлүнүштү. Айырма бир пайыз гана болду (1–таблицаны, 1–диаграмманы караңыз).

Бирок облустарды алганда таптакыр башкача көрүнүш пайда болду! Мисалы, Баткен жана Жалал–Абад облустарынын тургундарынын 80 пайыздан ашыгы партиялар кеңештердин ишине таасирин тийгизбейт деп эсептесе, Талас жана Чүй облустарынын 70 пайызга жакыны буга кошулбайт. Баткен облусунда жашоочулардын 4 пайызы гана партиялар кеңештин ишине таасирин тийгизет десе, Нарын жана Талас облустарында мындай жарандардын саны төрт–беш эсе көп (2–таблицаны, 2–диаграмманы караңыз).


## Жамаат канчалык жакыр болсо, партиялардын кызыгуусу да ошончолук төмөн

Өнүктүрүү саясат институту Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын өнүктүрүүнүн абалына туруктуу негизде ар кандай баалоолорду жасап келет. Бул болсо


***1–таблица. Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештин ишине тийгизген таасиринин даражасы региондук алкактан алганда, пайыздар менен, 2015–жыл.***

| | Баткен | Жалал–Абад | Ысык–Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй | Жалпысынан республика боюнча |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Толугу менен | 4,1 | 7,1 | 8,6 | **26,5** | 13,2 | **19,5** | 10,7 | 12,81 |
| Жарым–жартылай | 11,6 | 9,3 | 51,2 | 36,4 | 51,6 | 48,7 | 58,5 | 38,19 |
| Толугу менен же жарым–жартылай | 15,7 | 16,4 | **59,8** | **62,9** | **64,8** | **68,2** | **69,2** | 51,00 |
| Таасир этпейт | **84,3** | **83,6** | 40,2 | 37,1 | 35,2 | 31,8 | 30,8 | 49,00 |

***1–диаграмма. Саясий партиялар жергиликтүү кеңештердин ишине толугу менен, же жарым–жартылай таасирин тийгизет деп эсептеген жарандардын үлүшү, %, 2015–ж.***



***2–диаграмма. ЖӨБдүн өнүгүү деңгээли менен жарандардын саясий партиялардын таасирине карата мамилеси ортосундагы байланыш***




түрдүү параметрлер ортосундагы салыштыруулар-ды жасап, байланыш табууга жол берет. Ошондуктан биз саясий партиялардын таасирине карата жарандардын мамилесин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Индекси менен салыштырдык. Индекс жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган “Ушул жерде жана азыр” аттуу Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладдын[1] үстүнөн жүргөн иштердин алкагында эсептелди. 2012–жылы жарыяланган докладда биринчи жолу Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мүмкүнчүлүктөрүнүн индекси – ЖӨБМИ киргизилген. Аймактын мүмкүнчүлүктөрү олуттуу даражада муниципалитеттин өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн да кошо аныктайт. Инфраструктуранын, эмгек ресурстарынын, турак жай фондунун болушу аталган аймактагы адам өнүгүүсүнүн деңгээлин гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБ органдарынын жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү мүмкүнчүлүктөрүн да олуттуу түрдө аныктайт. ЖӨБМИ аймактын мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздөйт. Аталган индекс үч облустан турат: аймактын демографиялык мүмкүнчүлүктөрүнөн (демографиялык жүктөм жана өлүм санынын коэффициенти), социалдык кызмат көрсөтүүлөр (турак жайлардын аянты жана мугалимдердин саны), экономикалык мүмкүнчүлүктөр (негизги фонддор жана маяна). Ар бир индикатор позитивдүү да (башкача айтканда, аймактын дараметин арттырып, ресурстарды пайда кылып), негативдүү да (аймактын дараметин азайтып, ресурстарды керектеп) боло алат.

ЖӨБМИ ар бир муниципалитет үчүн эсептелип чыккан, бирок облустар арасында салыштыра келгенде салыштырмалуу маалыматтар колдонулду – “күчтүүлөрдүн” үлүшү жана “чабалдардын” үлүшү деп. “Чабал” ЖӨБ дегенде бул жерде дарамети чейректен төмөндөрдү түшүнөбүз (бардык муниципалитеттер мүмкүнчүлүктөр индексинин маанисине жараша чейректерге бөлүнгөн; ошону менен бирге биринчи чейрекке – күчтүүлөргө – индексинин мааниси мыкты болгон муниципалитеттер кирсе, төртүнчүсүнө эң төмөн көрсөткүчкө ээ болгондор кирген).

“Чабал” ЖӨБдүн үлүштөрү менен жарандардын партиялык факторго карата мамилесин салыштыра келгенде 2–диаграмма так көрсөткөн мыйзам ченемдүүлүктү, байланышты байкаса болот. Көрүнүп тургандай, Талас облусунан тышкары региондор эки параметр ортосундагы тыгыз түз байланышты далилдеп турат – муниципалитеттин дарамети канчалык төмөн болсо, партиялык факторлордун таасирине ишенген адамдардын саны да ошончолук аз болот. Мунун жөнөкөй түшүндүрмөсү барбы? “Жакыр” муниципалитеттер саясий партиялар үчүн чоң кызыгууну жаратпаса керек – ал жакта бөлүшүп, же күрөшө тургандай эч нерсе жок. Ошондуктан партиялар “жакыр” муниципалитеттердеги кеңештин ишинде өздөрүн жарандар алдында көрсөтүүгө кызыкдар эмес.

“Шаар–айыл” алкагынан алып караганда изилдөө күтүлгөндөй эле жыйынтыкты көрсөттү — шаарларда кеңештердеги партиялардын активдүүлүгү эки эседен жогору (2–таблицаны караңыз). Бул дал ошол шаарларда жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча гана түзүлгөнү менен байланыштуу.

## Иштин сапаты кантип өзгөрдү?

“Партиялык таасир кантип билинет?” деген суроо изилдөөчүлөрдү кызыктырганы шексиз. Өлкө тарыхында биринчи жолу жергиликтүү кеңештер саясий партиялардын жигердүү катышуусу менен түзүлгөн 2012–2013–жылдардагы шайлоолордон кийин жергиликтүү кеңештердин иш сапаты канчалык өзгөрдү? Партиялык кеңештер жергиликтүү өз

***2–таблица. “Шаар–айыл” алкагынан алганда саясий партиялардын жергиликтүү кеңештин ишине тийгизген таасиринин даражасы, пайыздар менен***

| | Шаар | Борбордук айыл | Алыскы айыл | Ортодогу айыл | Орточо республика боюнча |
|---|---|---|---|---|---|
| Толугу менен | **21,2** | 9,7 | 8,9 | **9,3** | 15,25 |
| Жарым–жартылай | 30,3 | 36,5 | 34,7 | 35,6 | 32,95 |
| Толугу менен, же жарым–жартылай (суммасы) | 51,5 | 46,2 | 43,6 | 44,9 | 48,2 |
| Таасир этпейт | 48,5 | 53,9 | 56,5 | 55,2 | 51,85 |

[1] Докладдын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги толук текстин бул жерден таба аласыз: http://www.dpi.kg/ru/activities/nat–report–lsg/

***3–таблица. Регионалдык алкактан алганда, саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине тийгизген таасиринин билинүүсү, пайыздар менен***


| | Баткен | Жалал–Абад | Ысык–Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн/мэриянын ишине катуу көз сала баштады | **21,3** | 5,1 | 24 | 13,4 | 1,1 | **25,2** | **19,2** |
| Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн/мэриянын ишине бут тосууда | 1,6 | 4,6 | 7,9 | 2,9 | 0,4 | 9,9 | 4,6 |
| Жергиликтүү кеңеш жашарды | 4,9 | 1,8 | 15 | **16,7** | 0 | 9,9 | **30,8** |
| Жергиликтүү кеңеш саясий партиялардын буйруктарына баш ийип, жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын көңүл сыртында калтырууда | 4,9 | 1,5 | 6,1 | 1 | 3 | **25,2** | 5,6 |
| Жергиликтүү кеңеш саясий фракцияларга/топторго бөлүнүп калды, бул чечим кабыл алуу процессин жайлатууда | **11,5** | 1,1 | 5,7 | 1,4 | 1,1 | 4,6 | 6 |
| Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын сунуш–талаптарына көбүрөөк көңүл бура баштады | 8,2 | 2,7 | **17,7** | 14,4 | 5,6 | 11,3 | **16,9** |
| Жергиликтүү кеңеш өзүнүн функционалдык милдеттенмелерин жакшыраак аткара баштады | **21,3** | 2 | **18,6** | **14,4** | 3,7 | 9,3 | **14,2** |
| Башкасы | 0,8 | 0 | 0,5 | 0,5 | 0,7 | 0 | 0,3 |

алдынча башкаруунун идеясына карама–каршы келет, ал эми алардын кызыкчылыктары жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктары менен тирешүүдө деген эксперттердин шектенүүлөрү жүйөлүүбү?

3–таблицага жасалган анализ жарандардын баалоосундагы дагы да олуттуу маанилерге көңүл бурдурат. Айталы, партиялык принцип боюнча түзүлгөн жергиликтүү кеңештер аткаруучу органдардын ишине дагы да катуу көз сала баштаганын Баткен жана Чүй облустарынын ар бир бешинчи жашоочусу байкаган. Бирок Ысык–Көл жана Ош облустарынын жашоочулары арасында мындайлар дээрлик жок. Чүй облусунун ар бир үчүнчү жашоочусу жергиликтүү кеңеш жашарган деп эсептейт; ал эми Талас облусунун ар бир төртүнчү жашоочусу жергиликтүү кеңеш саясий партиялардын буйругуна баш ийип, жергиликтүү кеңештин кызыкчылыктарын көңүл сыртында калтырат деген ойдо. Жалпысынан, жергиликтүү кеңештердин ишин кабылдоо ар бир облуста ар башка. Бирок ошентсе да иштин сапаты жакшырганы (24 пайыз) жана аткаруучу органдардын үстүнөн көзөмөл күчөгөнү (31 пайыз) белгиленди.

2012–жылы жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары менен салыштыруу партиялык шайлоонун терс кесепеттери билине баштады – фракцияларга бөлүнүүнүн айынан чечим кабыл алуу процесси жайлап калды деген ишенимде болгон респонденттердин үлүшү бир кыйла азайганын көрсөттү. 2012–жылы мындайлардын үлүшү 87 пайыз болсо, 2015–жылы болгону 11 пайызды түздү. Муну “акталбай калган кооптонуулар” деп

***3–диаграмма. Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештин ишине тийгизген таасиринин белгилерин кабылдоо динамикасы, 2012–жыл жана 2015–жыл.***



***4–таблица. “Шаар – айыл” алкагынан алганда жергиликтүү кеңештин ишине саясий партиялардын таасиринин билинүүсү, пайыздар менен, 2015–жыл.***

| | Шаар | Борбордук айыл | Алыскы айыл | Айыл | Орточо |
|---|---|---|---|---|---|
| Башкасы | 0,60 | 1,00 | 0,40 | 0,70 | 1 |
| Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн/мэриянын ишине бут тосууда | 3,50 | 10,50 | 14,40 | 12,45 | 9 |
| Жергиликтүү кеңеш саясий фракцияларга/топторго бөлүнүп калды, бул чечим кабыл алуу процессин жайлатууда | 17,10 | 6,60 | 5,30 | 5,95 | 11 |
| Жергиликтүү кеңеш саясий партиялардын буйруктарына баш ийип, жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын көңүл сыртында калтырууда | 22,90 | 7,60 | 11,90 | 9,75 | 17 |
| Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын сунуш–талаптарына көбүрөөк көңүл бура баштады | 14,10 | 25,30 | 24,20 | 24,75 | 19 |
| Жергиликтүү кеңеш жашарды | 20,60 | 26,30 | 20,40 | 23,35 | 21 |
| Жергиликтүү кеңеш өзүнүн функционалдык милдеттенмелерин жакшыраак аткара баштады | 18,80 | 24,40 | 22,80 | 23,60 | 21 |
| Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөттүн/мэриянын ишине катуу көз сала баштады | 44,10 | 29,40 | 24,20 | 26,80 | 34 |

***5–таблица. Регионалдык алкактан алганда, жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча түзүлүш керекпи дегенге жарандардын пикирлери, пайыздар менен, 2015–жыл.***

| | Баткен облусу | Жалал–Абад облусу | Ысык–Көл облусу | Нарын облусу | Ош облусу | Талас облусу | Чүй облусу | Баары | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ооба | 21,3 | 7,8 | 12,7 | 17,2 | 9,7 | 33,1 | 20,2 | 17,4 | 17,4 | 17,5 |
| Жок | 29,5 | 70,9 | 57,4 | 56,0 | 50,9 | 53,6 | 68,2 | 55,2 | 52,9 | 58,2 |
| Билбейм | 49,2 | 21,3 | 29,9 | 26,8 | 39,3 | 13,2 | 11,6 | 27,3 | 29,7 | 24,3 |

койсок болмок. Бирок талаш–тартыштардын туу чокусу 2013–жылга туура келди. Ошол жылы фракциялар ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жетекчилеринин – АА башчыларынын жана шаар мэрлеринин кызмат орду үчүн эрөөлгө чыккан. Маалым болгондой, күрөш курч болду, көптөгөн кеңештер, өзгөчө шаардык кеңештер мунаса таба албагандыктан таркатылды. Ал эми 2015–жылы кызмат орундар калбай калгандыктан бул маселе өзүнөн өзү чечилип калды жана респонденттер болгону ушуга гана көңүл бурууда деп божомолдосо болот.

Шаардыктардын олуттуу бөлүгү – 44 пайызы – шаардык кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин катуу көзөмөлдөй баштады деп эсептегени, ал эми айылдарда буга макул болгондор 33 пайыздан аз болгону көзгө урунат.

Көптөгөн жарандар партиялык принциптер боюнча шайланган жергиликтүү кеңештин ишинде жакшырууларды байкаганы менен (55 пайыздан ашыгы), кеңештер партиялык принциптер боюнча түзүлбөш керек деген оюнда бекем турат. Үчтөн бири (27 пайызы) жооп бере алган жок, ал эми партиялык кеңештерди 17 пайызы колдойт. Аялдарга салыштырмалуу эркектер арасында кеңештерге каршы болгондор көп деген факт күтүүсүз болду.

***6–таблица. “Шаар – айыл” алкагынан алганда, жергиликтүү кеңештер партиялык принцип боюнча түзүлүш керекпи дегенге жарандардын пикирлери, пайыздар менен, 2015–жыл.***


| | Шаар | Борбордук айыл | Алыскы айыл |
|---|---|---|---|
| Ооба | 18,8 | 14,5 | 12,7 |
| Жок | 51,5 | 60,1 | 63,1 |
| Билбейм | 29,7 | 25,4 | 24,3 |
| Баары | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## Жарандар жергиликтүү кеңештерге мэрди же айыл өкмөт башчысын тандоо укугун ишенип бере алабы?


“Ооба” дегенге караганда “жок” деген жооп басымдуураак. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу орган башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди талкуулоо процессинде фракциялардын тирешүүсүнө байкоо салып отуруп, жарандар да өз тыянагын чыгарууда. Алар жергиликтүү кеңешке мындай маанилүү жана жоопкерчиликтүү ишти ишенип берүүгө болбойт, андан көрө түз шайлоого барып, же ЖӨБ жетекчилерин “жогору жактан” дайындаш керек деп эсептешет. Муну жарандардын шайлоонун формаларына карата мамилесин чагылдырган динамика ырастоодо. Бул чечимди жергиликтүү кеңештерге ишенип берүүгө даяр болгондордун саны азайды. Болгондо да олуттуу түрдө азайды – дээрлик ҮЧ ЭСЕГЕ (!!!) – 50 пайыздан 17 пайызга түштү (4–диаграмманы караңыз). Башкача айтканда, беш жыл мурда ар бир экинчи кыргызстандык жергиликтүү кеңешке муниципалитеттин башчысын шайлоону ишенип бериш керек деп эсептечү. Эми өлкөнүн ар бир бешинчи жашоочусу ушундай ойду карманат.

## Диспозитивдүү ченемдер

***4–диаграмма. ЖӨБдүн аткаруучу органдарын шайлоо ыкмасына жарандардын мамилесин чагылдырган динамика, 2010–жыл жана 2015–жыл.***




***5–диаграмма. ЖӨБ башчыларын шайлоо ыкмасына карата жарандардын мамилесинде Баткен облусунун диспозициясы жана орточо Кыргыз Республикасы боюнча, 2015–жыл***




Кеңештерге, шайлоого, партияларга мамиле ар бир региондо ар башка болгонун белгилебей коюуга болбос. Бул таң калычтуу эмес. Ар бир облуста менталитет, салт–санаалар, экономикалык мүмкүнчүлүктөр ар башка. Ошондуктан ЖӨБ органдарынын жетекчилерин тандоо ыкмалары тууралуу ойлонуу максатка ылайыктуу. Бир облустун калкы өзүнүн саясий артык көрүүсү боюнча башка облустардан канчалык айырмаланарын түшүнүү үчүн 4–диаграмманы көргөн жетиштүү болот.

Маселени чечүү үчүн укук теориясы диспозитивдүү ченемдерди колдонууну сунуштайт. Диспозитивдүү ченемдер – бул субъекттерге өз укуктарынын жана милдеттенмелеринин көлөмү жана мүнөзү тууралуу маселени өз алдынча чечип алуу мүмкүнчүлүгүн берген укук ченемдери. Мындай макулдашуу жок болгондо бул ченемдерде камтылган экинчи жазма эскертүү ишке кирет. Ошону менен бирге диспозитивдүү ченемдер б.д.ч. 45–жылдардан баштап колдонулуп келет. Ал маалда Байыркы Римде “Lex Yulia municipalis” мыйзамы кабыл алынган. Ошол мыйзамдын негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу түзүлгөн, ошондой эле андан кийинки ченемдик актылар курулган. Диспозитивдүү ченемдер дал ошол жергиликтүү өз алдынча башкарууну жөнгө салган мыйзамдарга карата көбүрөөк колдонулуп келет.

Эгерде Кыргыз Республикасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына диспозитивдүү ченемдерди киргизе турган болсо, анда субъекттер – жергиликтүү жамааттар – өз уставында ЖӨБ башчысын шайлоо ыкмасын өз алдынча аныктай алат. Эгерде жергиликтүү жамааттар муну өз уставында аныктоодон качса, анда мыйзам мындай жамааттар үчүн шайлоо формасын белгилейт – түз же кыйыр (мыйзам чыгаруучу кантип чечсе).

## Ой жүгүртүү үчүн азык

Эмесе, биз Кыргыз Республикасынын жарандары партиялык принцип боюнча шайланган жергиликтүү кеңештердин ишин кантип баалары жана алар эмнени артык көрөөрү тууралуу айрым маалыматтарга ээ болдук. Эгерде өз электоратынын күтүүлөрүн актагысы келсе, тыянакты саясатчылар жасасын. Биз болгону кургак сандардан улам пайда болгон айрым бүтүмдөрдү гана келтирели.

Кеңештерде саясий партиялардын активдүүлүгү түрдүү облустарда бир топ айырмаланат. Партиялар өзгөчө активдүүлүктү Талас жана Чүй облустарынын кеңештеринде көрсөтсө, Ош, Нарын жана Ысык–Көл облустарынын кеңештеринде азыраак байкалат. Ал эми Баткен жана Жалал–Абад облустарындагы кеңештерде дээрлик жигердүү эмес.

Саясий партиялар дарамети төмөн муниципалитеттердин кеңештеринде активдүүлүгүн көрсөтпөйт: муниципалитет канчалык жакыр болсо, саясий партиялардын активдүүлүгү да ошончолук төмөн. Жарандар партиялык принцип боюнча шайланган жергиликтүү кеңештердин иш сапаты жакшырды деп эсептейт. Бирок жергиликтүү кеңештер партиялык болуш керек деген идеяны колдошпойт.

Беш жыл мурда муниципалитеттин башчысын тандоо укугун жергиликтүү кеңештерге өткөрүп бериш керек деп ар бир экинчи кыргызстандык эсептечү. Эми болсо мындай ойду өлкөнүн ар бир бешинчи жараны гана колдойт. Беш жыл ичинде ЖӨБ башчысын кыйыр шайлоонун тарапкерлеринин саны үч эсе азайган. Өкмөт жана парламент регионалдык айырмачылыктарды эсепке алууга тийиш жана шайлоо мыйзамдарына диспозитивдүү ченемдерди киргизүү тууралуу ойлонуп көрүш керек. Эл аралык практика буга жол берет, ал эми калк күтүүдө. М

# Конституциялык палата: жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу маселесин козгоо тууралуу жергиликтүү кеңештин укугу конституциялык эмес деп таанылды

**Бишкек (АКИpress), 12–июнь 2015 538 1**

Жергиликтүү кеңештин сессияларына катары менен төрт жолудан кем эмес жүйөлүү себептерсиз катышпагандыгы жана жергиликтүү кеңештин тапшырмалары менен чечимдерин аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу Конституцияга ылайык келбейт. Бул жөнүндө КР Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын басма сөз кызматы кабарлайт.

Конституциялык палата 10–июнда "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" КР мыйзамынын 3–беренесинин 3–бөлүгүндөгү жергиликтүү кеңештин сессияларына катары менен төрт жолудан кем эмес жүйөлүү себептерсиз катышпагандыгы жана жергиликтүү кеңештин тапшырмалары менен чечимдерин аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алууну караган биринчи сүйлөмдүн Конституцияга ылайыктыгын текшерүү тууралуу ишти карады.

Конституциялык палатага кайрылган жарандар Б.К. ОСМОНБАЕВ, А.М. ОСМОНАЛИЕВА, Г.А. СУТАЛИНОВА аталган норма жергиликтүү кеңештин сессияларына катары менен төрт жолудан кем эмес жүйөлүү себептерсиз катышпагандыгы жана жергиликтүү кеңештин тапшырмалары менен чечимдерин аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алууну демилгелөө мүмкүнчүлүгү элдик бийликтин негизги конституциялык принциптерин бузгандыктан, аталган норма Конституцияга каршы келет деп эсептешет. Кайрылуу субъектилеринин ою боюнча, чакыртып алуу укугу тийиштүү административдик–аймактык бирдиктер аймагында жашаган шайлоочуларга гана таандык болууга тийиш.

Өз жүйөлөрүн тастыктоо иретинде кайрылуу субъектилери Чүй облусунун Сокулук районундагы Орок айылдык кеңешинин депутаты А. К. ЖУСУБАЛИЕВАнын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн эрте токтотуу тууралуу токтомун көбө катары мисал тартышат. А. К. ЖУСУБАЛИЕВАнын ыйгарым укуктарын токтотууга Орок айылдык кеңешинин чечимин аткарбагандыгы жөнөкөй себеп, ал эми доогерлер талашка салган "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" мыйзамдын 3–беренесинин 3–бөлүгү укуктук негиз болуп калган. Конституциялык палата тараптардын жүйөлөрүн талкуулап жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкү тыянактарга келди.

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну конституциялык түзүлүштүн негиздеринин бири катары таануу менен, КР Конституциясы жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү укугун кепилдейт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жарандардын жамааттары тарабынан тикелей же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы тарабынан ишке ашырылат (110–берененин 1, 3–бөлүктөрү, 111–берене).

Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат. ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР мыйзамынын 7–беренеси).

Жергиликтүү кеңеш депутатынын конституциялык–укуктук статусунун өкүлчүлүктүү табияты жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын чагылдырган ишмердигинин натыйжалуу ишке ашуусу жана депутаттык ыйгарым укуктарынын тийиштүү деңгээлде аткарылышы боюнча анын жоопкерчилигин билдирет. Андай болбостон, депутаттык ыйгарым укуктарына мамлекеттик жана коомдук таламдарга каршы келгидей формалдуу жана шалаакы мамиле жасоо эл өкүлдөрүн жоопкерчиликтен бошотуп салмак.

Талашка түшкөн норма жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынан алганда көпчүлүк добуш менен жергиликтүү кеңештин сессияларына катары менен төрт жолудан кем эмес жүйөлүү себептерсиз катышпагандыгы жана жергиликтүү кеңештин тапшырмалары менен чечимдерин аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу укугун карайт.

Артка чакыртып алуу институту элдик бийликтин өзгөчө институту болуп саналат жана шайланган адамдын эл алдында жоопкерчилигин камтыйт. Бул институтта шайлоочулардын эрки менен шайланган адамдын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн эрте токтотуу мүмкүнчүлүгү каралган. Депутатты чакыртып алуу шайлоочулардын эркин чагылдырат жана түздөн түз демократиянын формасы саналат. Эрежеге ылайык, депутатты чакыртып алууга шайланган адам тарабынан ага жүктөлгөн ыйгарым укуктарын аткара албагандыгынан улам шайлоочу-

лардын ишениминин кеткени негиз болуп саналат. Демек чакыртып алуунун, анын ичинде демилге көтөрүүнүн субъектилери болуп бир гана шайлоочулар саналышат.

Чакыртып алуу институтунун маңызы боюнча депутатты чакыртып алуу шайлоо сыяктуу жол–жоболор менен аткарылууга тийиш. Ошондо гана элдик эгемендиктин конституциялык принциби жана ал аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу боюнча жарандардын укуктары аткарылат. Мына ушул өңүттөн алганда жергиликтүү кеңештин депутатын чакыртып алуу боюнча маселени козгоо укуктарын мыйзам тарабынан жергиликтүү кеңешке берилиши элдик бийликтин негизги конституциялык принциптерине карама–каршы келет.

Мындан улам мыйзам чыгаруучу жергиликтүү кеңешке депутатты чакыртып алуу тууралуу маселени козгоо укугу элдик бийликтин негиз салуучу конституциялык принциптерине карама–каршы келет.

Кабыл алынган чечимге байланыштуу Жогорку Кеңеш Конституциянын талаптарына жараша тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө тийиш.

# Мыйзамдардагы жаңылыктар

**Бектурган ОРОЗБАЕВ** тарабынан даярдалды

## АЖМФ жерлерин башкаруу тууралуу Бирдиктүү жобо жөнүндө

2015–жылдын 17–июнунда КР Президенти «КРнын айрым мыйзам актыларына өзгөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамына кол койду. Мыйзам КР Жер кодексине жана “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө” мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизет.

Жогорку Кеңештин депутаты М. САЛЫМБЕКОВ демилгелеген мыйзамдын максаты КР Жер кодексин жана “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамын КР Конституциясынын жана “КР Өкмөтү жөнүндө” мыйзамдын нормаларына шайкеш келтирүү болуп саналат.

КР Конституциясынын жана “КР Өкмөтү жөнүндө” мыйзамдын 10–беренесинин биринчи бөлүгүнүн 7– жана 12–пункттарына ылайык КР Өкмөтү жер ресурстарын башкаруу жана жер мамилелерин жөнгө салуу жаатында бирдей мамлекеттик саясат жүргүзүүнү камсыз кылат жана мамлекеттик мүлктүн менчик ээсинин укуктарын ишке ашырат.

Мыйзам долбоорунун демилгечиси “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө бирдиктүү жобону” бекитүү ыйгарым укугун КР Өкмөтүнө берүү керек деп эсептейт. Буга чейин ал КР Жер кодексинин 8–беренесине жана “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө” мыйзамдын 13–беренесине ылайык Өкмөт тарабынан иштелип чыгып, Жогорку Кеңеш тарабынан бекитилип келген.

Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2015–жылдын 20–июнунда кабыл алынып, расмий жарыяланган 2015–жылдын 22–июнунда күчүнө кирди.

## Баалуу жер участокторун трансформациялоо жөнүндө

2015–жылдын 17–июнунда КР Президенти “КР Жер кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду. Мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин депутаттары Д. Д. БЕКЕШЕВ, Э. Б. ИСАКОВ, Т. М. УЗАКБАЕВ, Э. Б. ИМАНКОЖОЕВА, Б. А. МАМАТОВ, А. М. РЕЖАВАЛИЕВ жана Т. МАДЫЛБЕКОВ тарабынан демилгеленип, Жогорку Кеңеш тарабынан 2015–жылдын 20–майында кабыл алынган.

Мыйзамдын максаты айыл чарба багытындагы өзгөчө баалуу жерлерди башка түрлөргө которуу тартибин тактоо болуп саналат. Жер кодексинин 74–беренесине толуктоо киргизген мыйзамга ылайык “Өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерин башка түрлөргө которуу (трансформациялоо) КР мыйзамдары белгилеген учурларда ишке ашырылат”.

Бул мыйзам КР Жер кодекси менен “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамынын жерлерди бир категориядан башкасына которуу бөлүгүндө карама–каршылыктарды жоюу максатында иштелип чыккан.

Маселен, Жер кодексинин 74–беренесинин 1–бөлүгүнө ылайык кайрак жана сугат айдоолору, көп жылдык жемиш бактары тигилген жер катмарлары, жайыттар, чөп чабык аянттары өзгөчө баалуу айыл чарба жерлери болуп саналат. Ушул эле берененин 2–бөлүгү өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерине курулуш тургузууга тыюу салат. Бирок “Жер участокто-

рун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" мыйзам өзгөчө баалуу жерлерди эгер максаты боюнча пайдалануу мүмкүн болбогон учурда төмөнүрөөк баалуу категорияга которууга уруксат берет.

Мына ушуга байланыштуу мыйзамдын демилгечилери ар башкача жана туура эмес түшүнбөшү үчүн өзгөчө баалуу жерлерди башка категорияга которууга мүмкүн деген тактоочу норманы Жер кодексинин беренесине киргизүүнү зарыл табышты. Так айтсак, эми өзгөчө баалуу жерлерди башка категорияга которууга болот, бул эми Жер кодексин бузуу болуп саналбайт.

## АЖМФтин айрым жерлерин пайдалануу мөөнөтүн 5 жылдан 20 жылга чейин узартуу жөнүндө

2015–жылдын 17–июнунда КР Президенти "КР Жер кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамына кол койду. Жогорку Кеңештин депутаты М. САЛЫМБЕКОВ демилгелеген мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2015–жылдын 20–майында кабыл алынды.

Мыйзам долбоору мамлекеттик жана КР жарандарынын кызыкчылыктарын коргоо максатында иштелип чыгып, үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларын, илимий–изилдөө, тажрыйба–селекциялык, сортторду сыноо жана айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүүгө багытталган.

Мыйзам демилгечиси өз негиздемесинде КР Өкмөтүнүн 2013–жылдын 26–июнундагы №376 токтому боюнча өлкөдө 107 үрөн чарбасы бар экенин, анын ичинен 48 жеке дыйкан чарбасы, 44 айыл чарба кооперативи, 5 акционердик коом жана 10 мамлекеттик чарба экенин белгилеген. Бул үрөнчүлүк чарбалары Мамлекеттик фонддон 12 500 гектар жерди пайдаланат. Кыргызстанда 135 асыл тукум чарбасы бар, анын 11и мамлекеттик асыл тукум чарбасы. Бул чарбалар Мамлекеттик фонддон 88,3 гектар жерди пайдаланышат.

Жарактан чыга баштаганы же жараксыз болгону үчүн пайдаланууга берилбей калган жер участоктору жылдан жылга көбөйүүдө.

Жыл өтө Мамлекеттик фонддун жерлерин кайра бөлүштүрүү жакшырбаганы жана "пайдаланылбаган, жараксыз" жерлердин көбөйүшү байкалат. Республика боюнча пайдаланылбаган айдоо жерлер 83 миң гектарды түзөт, анын ичинен Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү мамлекеттик фондунун жерлери 53,9 миң гектарга барабар. Анын сугат айдоо аянты 16,3 миң га, кайрак жери 37,6 миң га).

Айыл чарба жерлери биологиялык азыктуулугунун төмөндөшүнө көбүрөөк кириптер болот. Үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалары жерлерди сапаттуу үрөн алуу максатында топурактын азыктуулугун арттырууну эсепке алуу менен пайдаланышат.

Жерлердин азыктуулугун сактоо мамлекет үчүн өзгөчө мааниге жана баага ээ экенин эске алган мыйзам демилгечиси үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларын, илимий–изилдөө, тажрыйба–селекциялык, сортторду сыноо жана айыл чарба кооперативдерин өнүктүрүү үчүн жер участокторун убактылуу пайдалануунун жаңы мөөнөтүн коюу максатында КР Жер кодексинин 7–беренесине толуктоо киргизүүнү сунуш кылган.

Ошентип кабыл алган мыйзам үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларын, илимий–изилдөө, тажрыйба–селекциялык, сортторду сыноо иштерин жана айыл чарба кооперативдерин жүргүзүү үчүн Айыл чарба багытындагы жерлердин мамлекеттик фондунан айыл чарба багытындагы жерлерди мурда белгиленгендей 5тен 50 жылга чейин эмес, 20 жылга пайдаланууга берүүнү карайт.

## Сугат жер участокторун башка категорияларга которууга мораторий жарыялоо жөнүндө. Газпром – балдарга

2015–жылдан 17–июнунда КР Президенти "Сугат жерлерди башка категориядагы участокторго которууга (трансформациялоо) мораторий киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамына толуктоо киргизүү жөнүндө" мыйзамга кол койду. Жогорку Кеңеш депутаттары А. СУЛТАНОВ менен М. РАСУЛОВ демилгелеген мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан 2015–жылы 20–майда кабыл алынган.

Бул мыйзам буга чейин аталган мораторий сугат жерлерди дене тарбия–саламаттыкты чыңдоочу комплекстерди куруу жана башка маанилүү максаттар үчүн которууга жол берген эмес эле.

Мыйзам долбоорунун демилгечилери төмөнкүнү негиз кылып алышкан: КР Президенти А. АТАМБАЕВдин жана "Газпром" ААК Башкаруу төрагасы менен 2014–жылдын 8–10–сентябрындагы жолугушуу учурунда Кыргызстанда "Газпром" тарабынан «Газпром – балдарга» долбо-

орунун алкагында балдардын дене тарбия–саламаттыкты чыңдоочу комплекстерин куруу боюнча келишимге жетишилген. Аталган курулуштар бүткөн соң аларды муниципалдык менчикке акысыз өткөрүү каралган.

Долбоорлоо уюму менен талкуунун жыйынтыгында 2015–жылы Бишкек, Чолпон–Ата, Талас жана Кара–Суу шаарларында төрт объектини куруу боюнча чечим кабыл алынган. Бирок балдардын дене тарбия–саламаттыкты чыңдоочу комплекстерин курууга жерлерди бөлүү зарылдыгы белгиленген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жерлерди тиешелүү категорияга трансформациялоого муктаж болгон айыл чарба багытындагы бир катар жер участокторун сунуштаган.

Ошону менен бирге “Сугат жерлерди башка категорияларга жана жерлердин башка түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамында сугат жерлерди башка категорияларга жана түрлөргө которууга мораторий киргизилгенин белгилей кетүү керек.

Ошону менен катар аталган Мыйзамда сугат жерлерди башка категориядагы жерлерге которууга мораторий таркалбайт деген учурлар тизмеги каралган. Мисалы, аталган Мыйзамдын 1–беренесинин 2–бөлүгүнө ылайык сугат жерлерди мүрзө жайларга, мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги жалпы билим берүү жана саламаттык сактоо объектилерин, аскерий, чек ара объектилерин жана тосотторун, ири электр энергетикалык өндүрүш кубаттуулуктарын курууга, чукул кырдаалдардан жапа чеккен жарандарды көчүрүү максатында КР аэропортторун кеңейтүүгө, ошондой эле КР Өкмөтү аныктаган Баткен, Ош жана Жалал–Абад облустарынын айрым чек ара аймактарына мораторий таркалбайт.

Бул жагдайды, ошондой эле дене тарбия–саламаттыкты чыңдоо комплекстерин куруунун маанисин эске алуу менен Мыйзам бул тизмеге жерлерди дене тарбия–саламаттыкты чыңдоо комплекстерин, индустриялык–логистикалык борборлорду, өнөр жай объектилерин курууга бөлүнөт деген тактоо киргизилди.



## Мамлекеттик тил жөнүндө

2015–жылдын 17–июнунда КР Президенти “КР мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамга “КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө” мыйзамга кол койду. Мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш депутаттары У. АМАНБАЕВА, К. АБДИЕВ, Э. ЭРМАТОВ, А. КОЧКОРБАЕВ, Г. САДЫРБАЕВА, К. ОСМОНАЛИЕВ, А. АЛТЫБАЕВА, Э. ЖУМАЛИЕВА, К. ТАЛИЕВА, Д. ЖУМАБЕКОВ, Э. ИМАНКОЖОЕВА, М. БАКИРОВ, Т. ЗУЛПУКАРОВ, Б. МАМЫРОВА, Н. НАРМАТОВА, Н. МУРАШЕВ, М. САБИРОВ, М. ОСМОНОВ жана Ж. ИСАЕВ демилгелеп, Жогорку Кеңеш 2015–жылдын 20–майында кабыл алган.

Мыйзам мамлекеттик органдардын иш кагаздарына байланышкан талаштуу маселелерди чечүүгө, алардын ишин жакшыртууга, ошондой эле мамлекеттик тилди билүү деңгээлин көтөрүүгө жана КР аймагында мекемелер жана уюмдар тарабынан мамтилди пайдаланууга байланышкан маселелерди чечүүгө багытталган.

“Мамлекеттик тил жөнүндө” КР Мыйзамына сунушталган өзгөртүүлөр боюнча демилгечилердин жүйөсү боюнча, азыр көпчүлүк мамлекеттик кызматчылар иш кагаздарын негизинен расмий тилде жүргүзүп, мамлекеттик тилди колдонууга умтулушпайт. Мыйзамдардын текстинде көп сандаган дал келбестикти жана карама–каршылыктарды, атап айтканда, мыйзам нормаларын туура эмес которууну же так эмес түшүндүрүүнү жоюу үчүн биринчи кезекте мыйзамдарды жана документтерди мамлекеттик тилде иштеп чыгып, анан гана башка тилдерге, анын ичинде расмий тилге которуу зарылдыгы айтылды. Бул проблема көптөн бери маанилүү маселе катары Жогорку Кеңештин талкуусуна чыгарылып келатат, бирок жылыш аз.

Мыйзам “КР мамлекеттик тили жөнүндө” КР Мыйзамынын айрым нормаларын тактап, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары мамлекеттик тилди билишин талап кылган тийиштүү түзөтүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

# Мамлекеттик чек ара жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө



2015–жылдан 17–июнунда КР Президенти “КР Мамлекеттик чек арасы жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду. Мыйзам КР Өкмөтү тарабынан демилгеленип, КР Жогорку Кеңеши 2015–жылдын 2–апрелинде кабыл алган. Мыйзам мамлекеттик чек ара маселелеринде жана чек ара мейкиндиктеринде КРнын кызыкчылыктарын коргоону укуктук жөнгө салуу, мамлекеттик чек араны коргоо жаатында мамлекеттик башкарууну өркүндөтүү, чек ара чөйрөсүндө мамлекеттик органдардын иш–аракеттерин жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү максаттарын көздөйт.

Мыйзамдын жоболору:

- мамлекеттик чек ара режимин, чек ара аймактарынын режимин, мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрмө бекеттериндеги режимди аныктаган жалпы, негиздүү нормалар өркүндөтүлдү;
- кеңейтилген түшүнүктүү аппарат киргизилди;
- мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары толукталды жана так бөлүштүрүлдү.
- «КР Мамлекеттик чек арасы жөнүндө» 1999–жылы 19–мартта кабыл алынган № 27 жана «КР Чек ара кызматы жөнүндө» 1999–жылы 19–мартта кабыл алынган №28 КР Мыйзамдары күчүн жоготту деп таанылды.

Ошону менен катар кабыл алынган Мыйзамдын 40–беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын милдеттери төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн.

1. Чек ара райондорундагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзам тарабынан бекитилген ыйгарым укуктарына ылайык өз аймактарында төмөнкүдөй милдеттерди аткарышат:

1) Мамлекеттик чек жөнүндө КР ченемдик укуктук актыларын жеке жактарга жана юридикалык тараптарга түшүндүрүү иштерин уюштурат;
2) Мамлекеттик чек араны коргоого жарандардын өз ыктыяры менен келишине шарттарды түзөт жана көмөктөшөт;
3) Мамлекеттик чек араны коргоо чөйрөсүндө Мамлекеттик чек араны коргоону камсыз кылуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга көмөк көрсөтөт;
4) Мамлекеттик чек араны коргоо кызыкчылыктары үчүн мыйзамдардагы белгиленген тартипке ылайык жерлерди акысыз колдонууга берет;
5) Мамлекеттик чек араны коргоо жана Мамлекеттик чек араны коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын инфраструктурасын колдоого жана өнүктүрүүгө багытталган иш–чараларды өткөрүүгө катышат;

2. Чек ара райондорундагы жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери чек ара өкүлдөрүнүн чарбалык иштерди, анын ичинде Мамлекеттик чек арада маселелерди чечүүгө катышат.

# Таштанды үчүн административдик жоопкерчилик жөнүндө

2015–жылдын 14–майында КР Президенти “Административдик жоопкерчилик тууралуу КР Кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду. Жогорку Кеңеш депутаттары М. РАСУЛОВ менен А. СУЛТАНОВ демилгелеген мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш 2015–жылдын 8–апрелинде кабыл алган.

Мыйзам атайын бөлүнбөгөн жерлерге тиричилик жана өндүрүштүк таштандыларды таштаганы жана жакканы үчүн административдик жоопкерчиликти күчөтүү максатын көздөйт. Мыйзам долбоорун демилгечилери Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекске киргизилген оңдоолор айлана чөйрөнү коргоо максатында атайын бөлүнбөгөн

жерлерге тиричилик жана өндүрүштүк таштандыларды таштаганы жана жакканы үчүн жарандардын жоопкерчилигин күчөтүү зарылдыгын белгилешет. Мыйзам долбоору КР Конституциясынын 48–беренесинин 3–бөлүгүнүн нормасына негизденип даярдалган, анда "Ар бир адам айлана чөйрөгө, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө этият мамиле жасоого милдеттүү" деп айтылган.

Атайын бөлүнбөгөн жайларга таштанды таштаганы үчүн айыппул төлөтүү көп өлкөлөрдө бар. Бул бир жагынан жарандардын капчыгына "сокку ургандыктан" аларды өзүн маданияттуу алып жүрүүгө мажбурласа, экинчи жагынан бюджетти толуктоонун эффективдүү каражаты болуп эсептелет.

Мисалы, Бельгиянын Валлон аймагында азыр атайын бөлүнбөгөн жерлерге таштанды таштаганы (чылымдын калдыгы, банкалар, кагаз ж.б.) үчүн 50 евро айыппул төлөтүлөт. Бул айыппул жергиликтүү бюджетке түшүү менен, аймакта таштанды чыгарууга кеткен чыгымдын бир бөлүгүн (100 млн. еврого жакын) жабат. Сеулда таштанды айыппулунан бюджетке 6,2 млн. доллар түшөт.

Германия көчөлөрүн таза кармоо жагында катаал саясаты менен айырмаланат. Тамеки калдыгын таштаганы үчүн 20 евро, сагызга – 35 евро айыппул каралып, ал эми эски эмеректи ыргытканы үчүн 150дөн 600 еврого чейин айыпка тартылат.

Бизде да бул проблема бар, адамдарыбыз таштандыны каалаган жерге таштай берип, айлана чөйрөгө зыян келүүдө. Буга чейинки административдик айыппулдар өлчөмү айлана чөйрөнү коргоого жетишерлик каражат алып келбегенин эске алуу менен, бул Мыйзамда жарандар үчүн айыппул өлчөмүн 20 эсеп көрсөткүчтөрүнө чейин көтөрүү (2000 сом), ал эми кызмат адамдары үчүн жүздөн эки жүз эсеп көрсөткүчтөрү (10 000 сомдон 20 000 сомго чейин) каралган.

Административдик жаза чаралары колдонулгандан кийин ошол эле аракет кайталанса, эки жүз эсеп көрсөткүчтөрү боюнча жазага тартуу каралган.

Кабыл алынган Мыйзам ички иштер органдарына жана айлана чөйрөнү коргоо, токой экосистемалар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга айыппул салуу ыйгарымын берет.

Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодекстин азыркы редакциясына ылайык, экологиялык жана техникалык коопсуздукка көз салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы административдик мыйзам бузуулар боюнча комиссиялар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын (акимиаттардын) администрациялык комиссиялары да ээ болгон.

## Этникалар аралык жаңжалдар жөнүндө

2015–жылдын 17–июнунда КР Президенти "КРнын айрым мыйзамдык актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамына кол койду. КР Өкмөтү демилгелеген мыйзам долбоорун Жогорку Кеңеш 2015–жылдын 12–мартында кабыл алган.

Бул Мыйзам менен "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамдарга толуктоолор киргизилди. Мыйзам этникалык жаңжалдарды алдын алуу жана болтурбоо боюнча чараларды күчтөндүрүү максатын көздөйт.

Бул максатта жергиликтүү мамлекеттик администрациянын компетенциясы өз аймагында этникалык жаңжалдарды алдын алуу иш–чараларын жүзөгө ашыруу милдети менен толукталган.

Мыйзамда төмөнкүлөр каралган:

- этностор аралык мамилелерди жана кырдаалды жөнгө салууда компетенциясынын чегинде өз убагында чара көрбөгөндүктөн, ошол аймакта этностор аралык жаңжалдарга алып келгендиги үчүн райондун акими (жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы) кызматынан бошотулушу мүмкүн;
- этностор аралык мамилелерди бекемдөө жана этностор аралык жаңжалдарды алдын алуу чараларын жүзөгө ашыруу иштери да мамлекеттик негизги ыйгарым милдеттерге кирип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн.

Мыйзамдын негиздемесинде Кыргыз Республикасы элинин көп кылымдык тарыхына жана коомунун жашоо ыңгайына жараша көп этностуу калкы бар мамлекет болуп саналары белгиленет. Азыркы тапта Кыргызстанда 80ден ашык этнос өкүлдөрүнүн болушу муну тастыктайт.

2010–жылдагы июнь коогалаңындагы кандуу жаңжалдарды ар тараптуу изилдөөлөр жана талдоолор айрым айыл аймактарынын башчылары, район акимдери жана шаар мэрлери көп сандуу курмандыктарга алып келген этностор аралык чагымдарга өз убагында маани бербей, алдын алуу чараларын көрбөгөндүгүн аныктаган. Бул жагдай жаңжалдар басылгандан кийинки мезгилде да орун алууда, бийликтин бардык эле жергиликтүү органдары эл биримдигин чыңдоо жана этнос аралык мамилелерди жөнгө салууда милдеттерин толук аткарып жатышкан жок. Этностор аралык мамилелерди өркүндөтүү аркылуу улуттук биримдикти камсыз кылуу, маданий мурасты жана этностук көп түрдүүлүктү сактоо максатында жана мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарынын жетекчиле-

ринин өз аймактарында этностор аралык мамилелер үчүн жоопкерчилигин күчөтүү үчүн КР Өкмөтү ушул Мыйзам долбоорун демилгелеген.

## Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө

2015–жылдын 3–апрелинде КР Президенти "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамына кол койду. Мыйзам долбоорун КР Өкмөтү демилгелеп, КР Жогорку Кеңеши 2015–жылдын 18–февралында кабыл алган.

Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу Мыйзамдын негизги максаты болгон. Мыйзам кабыл алынар замат 2004–жылдын 24–майындагы №69 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамы күчүн жоготту деп табылды.

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" жаңы Мыйзамды КР Финансы министрлиги мамлекеттик сатып алуулардын жол–жобосун өркүндөтүү, мамлекеттик сатып алуулар системасында ачык–айкындуулукту, эффективдүүлүктү жогорулатуу жана коррупцияны азайтуу максатында иштеп чыкты.

Мыйзам тендерлерди өткөрүүнүн электрондук системасын жайылтуу менен мамлекеттик сатып алуу системасын дагы да айкын түзүүгө багытталган – мында адам факторунун аралашуусу такыр болбойт. Практика көрсөткөндөй, кыянаттык менен пайдалануу адатта кызмат адамынын алдында кийинки аракеттердин бир нече вариантын тандоо болгондо орун алат. Бул Мыйзам түшүнүктөрдү конкреттештирип, кызмат адамдарынын кылмыш жасоо үчүн аракеттерине бут тосот.

Бул мыйзамда мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн айкындуулугун камсыздоо максатында Интернет–порталда болгон маалыматты жарыялоонун жолу менен мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүгө олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди. Бул портал акысыз негизде бардык кызыкдар жактар үчүн жеткиликтүү жана торуктун катышуучуларына республикада бирдиктүү электрондук соода аянтчасын берет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн сатып алуулар процессинде жана эрежелеринде эмнелер өзгөргөнү тууралуу деталдуу серепти "Муниципалитет" журналынын 2015–жылдагы июль айындагы санынан окусаңыз болот.

## ЖӨБ органдарына республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттарды берүү жөнүндө

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандап алуу жана каржылоо тууралуу жаңы Жобо жана долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускама кабыл алынды. Аларды КР Өкмөтү 2015–жылдын 21–апрелиндеги №230 Токтому менен бекиткен.

Дем берүүчү гранттарды бөлүштүрүүнү эми жергиликтүү деңгээлдеги комиссиялар жүзөгө ашырат. Алардын курамына коммерциялык эмес уюмдар, коомдук фонддор ж.б. өңдүү жарандык сектор өкүлдөрү милдеттүү тартипте кирет.

Дем берүүчү гранттар жөнүндө жаңы жобо жамааттар тарабынан демилгеленген артыкчылыктуу долбоорлорду даярдоого жана жарандарды көйгөйлөрдү чечүүгө жана мониторинг жүргүзүүгө тартууга түрткү берет. Долбоорду иштеп чыгуу боюнча демилгелүү топко долбоордун жыйынтыктарынын келечек бенефициарийлери кирүүгө тийиш. Долбоор жарандардын артыкчылыктарына негизденүү менен муниципалитетти өнүктүрүү планынын бөлүгү болуп саналат (Жобонун 11–пункту жана Долбоорду даярдоо тартибинин 17,18–п.). Дагы бир критерий менен калкты мобилдештирүүнүн деңгээли аныкталган.

Үлүштүк (дем берүүчү) каражаттардын натыйжалуу коротулушуна, биринчи кезекте оңдоо иштерине, жаңы инфраструктуралык объектилерди курууу жагына өзгөчө маани берилген.

## Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө: муниципалдык ишканалар инфраструктураны өнүктүрүүгө чегерүүлөрдөн бошотулат

2015–жылдын 4–мартында киргизилген №50 «Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө» КР Мыйзамына толуктоолордо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыз кылуу милдетин алган адистештирилген уюмдары жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана кармоого калкка ичүүчү сууну сатуу жагынан салык чегерүүчүлөр болуп саналышпайт деп белгиленген.

# АЛМАЗ БАКЕТАЕВ: коррупцияга даттанган ар бир муниципалитетке жеке өзүм жооп берүүгө даярмын



***"Муниципалитет" журналынын редакциясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына "МФ Борбордук казыналыгы – ЖӨБ органдарына" аттуу жаңы рубрикасын кубануу менен тартуулайт. Кыргыз Республикасынын Финансы министринин орун басары – Борбордук казыналыгынын директору Алмаз БАКЕТАЕВ жана анын аппараты менен июндагы жолугушуу аталган мекеме ЖӨБ органдары менен тыгыз кызматташууга ачык экенин көрсөттү. Тилекке каршы, борбордук аппарат ар бир муниципалитет менен күн сайын байланышты кармоого чамасы жетпейт, бирок жетекчилик менен кызматкерлери мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттин кармалбастан жана тартип бузууларсыз аткарылышына умтулат. ЖӨБ органдарынын адистеринин билиминин жана казыналыктын иши жөнүндө маалыматынын жетишсиздигин билген Бакетаев мырза жана "Муниципалитет" журналы мекеме менен ЖӨБ органдары ортосундагы алакаларга арналган атайын рубрика ачууну чечишти. Биз Борбордук казыналыктын жана анын жер–жерлердеги бөлүмдөрүнүн ишиндеги коррупцияга каршы туруу темасынан баштамакчыбыз. Мекеме башчысы Алмаз БАКЕТАЕВ куттуктоо иретинде: "Биз ЖӨБ органдары менен алака–катышыбызда көйгөйлөрдү болтурбоонун үстүндө иштеп жатабыз. Жер–жерлерде көйгөйлөр бар болгонун, ЖӨБ органдарына гана эмес, казыналыктын райондук бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине да билим жетишпесин билем. Журнал мамлекеттик жана муниципалдык финансыларды башкарууга жетишүүгө баарыбызга көмөктөш болот деген үмүттөмүн", — деп айтты.***

## Борбордук казыналыктын милдеттери

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы министрликтин түзүмдүк бөлүмчөсү болуп саналат жана "Кыргыз Республикасында бюджеттин укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10–беренесине ылайык мамлекеттик бюджетти аткаруунун тейлөөсүн жүзөгө ашырат.




Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коррупцияга каршы туруу боюнча Программасын жана Планын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун ишке ашыруунун алкагында казыналыктын системасында коррупциялык тобокелчиликтерди аныктоо боюнча да иш чараларды жүргүзүүдө.

Атап айтканда, казыналыктын коррупцияга көп аралашты делген аймактык бөлүмдөрүнүн ишин текшерип, ишеним деңгээлин баалоо максатында өлкөнүн төмөнкү аймактарынын бюджеттик мекемелеренин өкүлдөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык–экономикалык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери менен жолугушуулар өткөрүлдү:


- Бишкек ш. (Биринчи май, Ленин, Свердлов, Октябрь райондору);
- Чүй облусу (Аламүдүн, Сокулук райондору);
- Ош облусу (Ош ш., Кара–Суу, Араван райондору);
- Жалал–Абад облусу (Жалал–Абад ш., Сузак, Базар–Коргон райондору)

Жолугушуулар бетме–бет пикир алышуу иретинде өтүп, КР финансы министринин орун басары – Борбордук казыналыктын директору Алмаз БАКЕТАЕВ ЖӨБ органдарынын жана мамлекеттик мекемелердин 123 өкүлү — айыл өкмөттөрүнүн финансылык–экономикалык бөлүмдөрүнүн башчылары, башкы бухгалтерлери, бухгалтерлери, кассирлери менен баарлашты.


Баарлашуу маалында төмөнкүдөй курч маселелер айтылды:

- бюджеттик мекемелердин келишимдерин жана милдеттенмелерин каттоо көйгөйлөрү;
- казыналыктын аймактык бөлүмдөрү тарабынан бюджеттик мекемелердин өздүк эсептеринен көчүрмөлөрдү өз маалында бербөө фактылары;

***1–диаграмма.
КРБнын кызматкерлери
өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарганы үчүн белек же акчалай сыйлык берүү тууралуу түз же кыйыр талаптарды койду беле?***




***2–диаграмма. КРБда тейлөө сапатын баалоо***




- казыналыктын автоматташтырылган системасы өз убагында кошулбагандыктан, операциялар өз убагында өткөрүлбөй калат.

Буга кошумча чакырылгандарга купуя сурамжылоо барактары таркатылып, казыналыктын аймактык бөлүмдөрүнүн ишине анализ жүргүзүү үчүн суроолор камтылды.

Сурамжылоонун жыйынтыкталган натыйжалары буларды көрсөттү:

- Катышкандардын 81 пайызы казыналыктын иш режимине канааттанат;
- 71 пайызы казыналыктын райондук бөлүмдөрүндө кабыл алууну оң баалашкан.

Ошондой эле жолугушуунун катышуучуларына КРБда коррупция деңгээлин кабыл алуусун баалоо иретинде "чагымчыл" суроо берилди.

Мисалы, жолугушуунун катышуучуларынан "КРБнын кызматкерлери өз кызматтык милдетин аткарууда түз же кыйыр түрүндө белек, акча талап кылган учурлар болгонбу?" деген суроо узатылды. Сурамжылоо 17 пайызы ушундай учурлар тууралуу билерин аныктады (1–диаграмманы караңыз). Бул тыянаты ар башка бааласа болот. Бир жагынан көпчүлүгү — 83 пайызы талап кылуу фактыларын четке кагат. Бирок буга башка жагынан карасаң да болот — дээрлик ар бир бешинчи кызматкер мындайды башынан өткөргөн.

Жолугушуунун жыйынтыктары көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы алдында учурдагы көйгөйлөрдү чечүү жана "Мамлекеттик кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген мамлекеттик кызматтын принциптеринин кызматкерлер тарабынан бузулуусуна жол бербөө милдети турат.

Казыналык системасынын органдарында коррупциялык көрүнүштөрдү жоюу жана болтурбоо боюнча кыска мөөнөттөгү чаралар иретинде казыналык системасынын кызматкерлери үчүн Эскертме мамлекеттик жана расмий тилде иштелип чыгып, ар бир кызматкерге таратылып берилди.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы бюджеттик процесстин бардык катышуучулары менен мындан ары да ишенимге негизделген мамилелерди түзүүгө багыт алган жана министрликтин казыналык системасынын органдарында кандайдыр бир коррупциялык көрүнүштөрдү жок кылуу максатында өз ара аракеттенүүнүн башталган форматын уланта бермекчи.

# Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казыналык системасынын кызматчыларына
# ЭСКЕРТМЕ

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат жөнүндө Мыйзамдын колдонулушу административдик мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик кызматчыларга жайылтылат.

Мамлекеттик кызматчы төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын ак ниеттүү аткарууга;
- өзүнүн кызматтык парзын ак ниеттүүлук менен аткарууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуунун өзүнө белгилүү болуп калган фактылары жөнүндө жетекчиликке жана тиешелүү мамлекеттик органдарга дароо маалымдоого.

2. Мамлекеттик кызматчы этиканын төмөнкүдөй негизги принциптерин сактоого тийиш:

- өзүн ар дайыма мамлекеттик органдардын, ишинин ак ниеттүүлүгүнө, калыстыгына жана натыйжалуулугуна жарандардын ишенимин түзгүдөй, сактагыдай жана бекемдегидей түрдө алып жүрүүгө;
- адептүү, сыпайы, сабырдуу, принциптүү болууга, маселенин маңызын терең түшүнүүгө умтулууга, маектешти ута билүүгө жана анын позициясын түшүнүүгө, ошондой эле кабыл алынуучу чечимди таразалоого жана негиздөөгө; өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга, өзүнүн жалпы билим жана кесиптик деңгээлин жогорулатууга;
- өз ишинде таламдардын кагылышуусуна жол бербөөгө.

***Таламдардын кагылышы деген эмне?***

Таламдардын кагылышуусу кызмат адамынын чечими өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын артыкчылыгын пайдалануу жолу менен жеке таламдарын илгерилетүүгө алардын жеке кызыкчылыктары таасир этиши мүмкүн болгон кырдаалда келип чыгат. Таламдардын кагылышуусу кызмат адамдарынын мамлекеттин кыйла кеңири таламдары менен сөзсүз төп келбей турган чечимдерди кабыл алуусуна алып келет.

***(КР Мамлекеттик кызмат жөнүндө Мыйзамы 2004 – жылдын 11 – августу № 114)***

3. Мамлекеттик кызматчыга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланыштуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган жеке жана юридикалык жактардан сыйакыларды (ссуда, акчалай же башка сыйакы, кызмат көрсөтүү, көңүл ачууну, эс алууну, транспорт чыгымдарын төлөө ж.б.) жана белектерди алууга;
- өзүнүн кызматы менен байланышкан, өзү ыйгарым укуксуз болгон милдеттенмелерди өзүнө алууга жана убада берүүгө;
- өзүнүнкызмат абалын мамлекеттик кызматчынын жеке өзүнүн жана үй-бүлөмүчөлөрүнүн, ошондой эле анынтуугандары болуп саналган адамдардын жеке кызыкчылыктарын түздөн-түз козгогон маселелерди чечүүмаксатында пайдаланууга.

Жеке кызыкчылык/жеке кызыгуу  деп эмнелер түшүнүлөт?

Жеке кызыкчылык/жеке кызыгуу - кызматтагы адам өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруунун натыйжасында езү же өзүнүн жакындары үчүн түздөн-түз же кыйыр түрдө алууга аракет кылган материалдык же башка пайда.

***(КР мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарындагы таламдардын кагылышын чечүү боюнча Убактылуу Колдонмо, КРӨ 2014 – жылдын 13 – февралындагы № 90 токтому менен бекитилген)***

**КР Финансы министринин орун басары – Борбордук казыналыгынын директору**
***түз байланыш номуру 62-03-36***

# Александровка ААнын элеттик саламаттык комитети: балдар эми кышында үшүбөйт



**Жылдыз КЕРИМОВА, Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,**
"ЭСК үнү" долбоору, ӨСИ

Александровка айылдык аймагы – бул дунгандар, кыргыздар, орустар ж.б. улуттагы 16 миң киши ынтымактуу жашаган чоң айыл. Көп улуттуулук жалпы көйгөйлөрдү чогуу чечүүгө жолтоо болгон эмес. Александровка айылдык аймагындагы Александровка айылынын Элеттик саламаттык комитети (ЭСК) "ЭСК үнү жана Кыргызстандагы айылдык жамааттардын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" долбоорунун[1] өнөктөшү болуп калды. Биринчи кадамы жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) болуп калды. Элеттиктер үн кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, айылдын көйгөйлөрүн биргелешип талкуулап, өзгөчө артыкчылыктуу маселелерди аныктай алышты. Ал маселелердин чукул чечилиши жалпысынан жамааттын саламаттыгына таасирин тийгизмекчи.

Александровка айылында ЖМБА–иш–чараларын өткөргөн маалда жарандардын катышуусу боюнча ЖМБА усулдары менен таанышуу максатында ага кошуна эки ЭСКнын өкүлдөрү жана аймактагы кошуна айылдардын жашоочулары да катышты.

Бардык аймак боюнча жыйынтыктарды жалпылаштырып, элеттик саламаттык комитети айыл өкмөт башчысына жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына кайрылды. Алар ЭСКнын демилгесин колдоп, өзгөчө артыкчылыктуу маселелерди чечүүнү 2015–2016–ж.ж. жергиликтүү бюджетке киргизди.

Аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрү болуп төмөнкүлөр таанылды:

- таштанды жыйноону жана чыгарууну уюштуруу, бул үчүн атайын транспортту сатып алуу талап кылынат;
- процедуралык бөлмөнүн жана үй–бүлөлүк дарыгерлер тобунун лабораториясын капиталдык ремонттон өткөрүү;
- УДТ жайгашкан Шиваз көчөсүнүн жолуна асфальт төшөө;
- А. Арбуду жана Я. Шиваз атындагы эки мектепти ремонттоо жана мор трубаларын алмаштыруу;
- БАПка кирген көйгөйлөрдү чечүү боюнча маалымат өнөктүгүн өткөрүү.

2015–жылдын башынан тарта айыл өкмөтү элеттик саламаттык комитетинин жардамы менен аныкталган көйгөйлөрдү чече баштады. Айталы, ушул эле жылы айыл өкмөтү Жаратылышты коргоо жана токой чарбасын өнүктүрүү фондунан грант алууга табыштама жазып, таштанды чыгаруу үчүн атайын транспортту жана 30 таштанды контейнерин сатып алууга акчанын бир бөлүгүн утуп алды. Ошондой эле 2015–2016–жылдары жергиликтүү бюджеттен процедуралык бөлмөнү жана ҮДТ лабораториясын ремонттоого, Шиваз көчөсүндөгү жолдун бир бөлүгүнө асфальт төшөөгө, А.Арбуду жана Я.Шиваз атындагы эки орто мектептин морун ремонттоого жана алмаштырууга каражат бөлүнмөкчү. Бул максатта жергиликтүү бюджеттен 1 736 800 сом бөлүндү.

Айыл өкмөтү жана элеттик саламаттык комитети азырынча 2015–2016–жылдары чечилбей жаткан

[1] "ЭСК үнү" Долбоору Өнүктүрүү саясат институту жана Элеттик саламаттык комитеттер ассоциациясынын өнөктөштүгү менен, "Социалдык жоопкерчилик боюнча глобалдык өнөктөштүк" Трасттык фондунун (Бүткүл дүйнөлүк банк) колдоосу алдында ишке ашырылып келатат.







калган маселелерди чечүү максатында маалымат өнөктүгүн жүргүзүү боюнча биргелешкен иштерди уланта берүү тууралуу чечим кабыл алышты. Мындай кызматташтык айыл өкмөтүнүн жана ЭСКнын 2015–2016–жылдарга түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планында да бекитилген.

2015–жылдын жай мезгилинде эки мектепте морлорду ремонттоо жана алмаштыруу иштери толук кандуу жүрүп жатат. Эски жана дат баскан, кооптуу трубалардын ордуна жаңы, коопсуз трубалар сатып алынды. Жаңы окуу жылы башталганга чейин трубалар орнотулуп, көмүр үчүн бастырмалар алмаштырылат. Эми алдыдагы кыш күндөрү балдар үшүп калат деген кооптонууларга негиз жок. Жамааттын жигердүү катышуусунда элеттик саламаттык комитеттерининин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тыгыз өз ара кызматташтыгы натыйжа алып келүүдө. Бул жетишкендиктердин баары ЭСКнын жергиликтүү калк жана айыл өкмөтү менен туура иш алып баруунун жыйынтыгы болуп эсептелет. Элет тургундары ЭСК айыл көйгөйлөрүнө көңүл бурдуруу жана андан ары ошол маселелерди чечүү үчүн көп нерсе жасай аларына ынанышты. Жергиликтүү маанидеги иштерди жасоодо ЭСКнын жана башка элеттиктердин ролу билинерлик күчөдү. Жергиликтүү калктын катышуусу болмоюн аймактын социалдык–экономикалык өнүгүүсү жана эффективдүү башкаруусу да мүмкүн эмес деген түшүнүк пайда болду. Александровка айылындагы ЭСК–1дин төрайымы Будеза ЯГУЗОВА: “Долбоор бизди ЖМБА усулдарын колдонуп, калк менен иштешүүгө үйрөттү. Биз жергиликтүү жашоочулардын жардамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айкындуулугуна, ошондой эле алардын жарандар алдында жооптуу болуусуна жете аларыбызды түшүндүк”. **M**







# Кызыл–Кыштак ЭСК: муниципалдык транспорт мектепке жеткирчү жолду коопсуз кылат

**Жылдыз КЕРИМОВА, Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** "ЭСК үнү" долбоору, ӨСИ

Жаратылышы кооз Кызыл–Кыштак аттуу чакан айыл Жалал–Абад облусунун Ноокен районунда жайгашкан. Айылды бир жагынан тоолор курчап турса, экинчи жагынан аны башкалардан өзөн бөлүп турат. Жазында жамгыр көп жааган мезгилде дарыя ташып, айылдын жашоочуларын бир кыйла кооптондурат. Кызыл–Кыштак – Кыргызстандагы чоң жана чакан көйгөйлөрү бар, жергиликтүү бийликтин көңүл буруусун жана инвестицияларды талап кылган көптөгөн айылдардын бири. Бирок бул айыл башкалардан бир нерсеси менен айырмаланат — калкта көйгөйлөрдү айыл өкмөтүнүн эсебинен гана эмес, жергиликтүү элдин айылдын жашоосуна жана өнүгүүсүнө катышуусунун эсебинен да чечиш керек деген аң–сезим калыптанып калган.

2015–жылы чакан жамааттык уюм — Элеттик саламаттык комитети — жергиликтүү жашоочулар менен бирге айылдын муктаждыктарын биргелешип изилдеп чыкты. Бул "ЭСК үнү жана Кыргызстандагы айылдык жамааттардын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" долбоорунун[1] (мындан ары — "ЭСК үнү") колдоосу алдында мүмкүн болду. Долбоордун адистери Кыргыз Республикасынын 30 айылын-

[1] "ЭСК үнү" Долбоору Өнүктүрүү саясат институту жана Элеттик саламаттык комитеттер ассоциациясынын өнөктөштүгү менен, "Социалдык жоопкерчилик боюнча глобалдык өнөктөштүк" Тресттык фондунун (Бүткүл дүйнөлүк банк) колдоосу алдында ишке ашырылып келатат.





да өткөргөн ушул өңдүү башка иш–чаралардан айырмаланып, бул жерде иш–чараны адамдар өзгөрүү болот деген үмүт менен кабыл алышты.

Жергиликтүү ЭСКда атүгүл иш–чарага катышуу үчүн келген адамдарды мектептин же бала бакчанын имаратында чогултуу мүмкүнчүлүгү болгон жок. Себеби айылда чогулуш өткөрүү үчүн жарай турган бир дагы коомдук жай жок болуп чыкты. Бул айылда мектеп да, бала бакча да, ФАП да курулган эмес. Атүгүл дүкөнү да жок.

Жергиликтүү жамаат менен иш алып баруу дайыма эле оор болчу. Себеби айылдын ар бир жашоочусу көкөйүнө тийип бүткөн маселени айтып баштайт. Бул жерде эң негизгиси жамааттын айрым мүчөлөрүнүн таасирине кирбестен, айрым бир топтордун көйгөйлөрүн жалпы жамааттын эсебинен чечип койбостон, артыкчылыктарды туура аныктап алуу керек эле. Кызыл–Кыштакта бардык жашоочулар тилектеш болуп, бир гана көйгөйдү айтып турушту — мектепке барууда кыйынчылыктар.

Айылда мектеп жок, ал эми эң эле жакын делген мектеп 10 километр аралыкта, борбордук айылда жайгашкан. Ал жакка транспорт каттабайт. Совет бийлигинин жылдарында окуучуларды чакан автобус ташып турчу. Бирок СССР урагандан кийин муниципалдык транспорт жоюлган. Дарыя аркылуу өтүү да көйгөйлүү маселе, дарыя айылды башкалардан бөлүп гана койбостон, ошондой эле айылдын өзүнөн да өтүп турат. Сел жүргөн сайын көпүрөнү агызып кетет. Мындан улам жыл сайын көпүрөнү калыбына келтирүү иштери аткарылып келет. Салыштырмалуу бекем делген көпүрө айылдан абдан эле алыс жана аны Кызыл–Кыштактын жашоочулары колдоно албайт. Ошондуктан жашоочулар айла жок өздөрү куруп алган көпүрөнү колдонушат, бирок ал дайыма колдонууга жарай бербейт. Ошондуктан ата–энелер балдарын көтөрүп алып, дарыяны кечип өтүшөт. Өткөн жылы эки баланы суу агызып кеткен эле.

Бирок кооптуу көпүрөлөр жана дарыя — бул мектепке жол тарткан балдардын алдында турган жалгыз тоскоолдук эмес. Алар мектепке жетиш үчүн бир кыйла жолду, ээн талааны аралап өтүшөт. Айыл тургундары таза суунун жана башка шарттардын жоктугуна да кайыл. Аларды баарынан да мектепке барган балдардын коопсуздугу тынчсыздандырып келет. Мурда балдарды өз арабасына отургузуп алып, айылдын бир тургуну жеткирип турчу. Эми болсо андай мүмкүнчүлүк жок. Ата–энелер балдарын мектепке ташый албагандыктан, аларды мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын интернатына берген учурлар да болгон. Албетте мындай адистешкен окуу жайларда билим берүү орто мектептегиден бир кыйла айырмаланат. Анын үстүнө ушундай чектелүү шарттарда билим алган балдардын келечеги да беймаалым.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн элеттик саламаттык комитети жергиликтүү жамаатты мобилдештирип, аны чечүүнүн бир нече жолун иштеп чыкты. Балдарды мектепке жеткирип, кайра алып келип турган муниципалдык транспорттук каттамды калыбына келтирүү өтүнүчү менен айыл өкмөтүнө кайрылуу варианттардын бири болду. Ошондой эле бул транспортту жамааттын калган мүчөлөрү да колдоно алмак. Анткен менен айыл өкмөтүнүн колдоосу менен да бул маселени чечүү мүмкүн эмес эле. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттын аздыгы буга себепчи. Ошондо жергиликтүү жамаат демилгени кайрадан өз колуна алды. ЭСК документтерди даярдап, айыл өкмөтү менен биргелешип, гранттык сынакка катышты. Жергиликтүү жамаат менен айыл өкмөтүнүн өз ара аракети муниципалдык транспорт үчүн чакан микроавтобус сатып алууга грантты утуп алууга жардам берди. Айыл өкмөтү көйгөйдү чечүүгө салым кошууга милдеттенди.

Муниципалдык транспорт толук ишке киргенге чейин жергиликтүү жамаат жана айыл өкмөтү биргелешип дагы көп маселени чечиш керек. Бирок үмүт шооласы жанып, кызылкыштактык балдардын бала чагы дагы да бактылуу болуп, мектепке аман–эсен жете алышат деген үмүт пайда болду. М





GPSA
GLOBAL PARTNERSHIP FOR SOCIAL ACCOUNTABILITY

# Элеттик саламаттык комитеттери – кыргыз айылдарынын жашоосундагы өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** “ЭСК үнү” долбоорунун жетекчиси, ӨСИ

**Өнүктүрүү саясат институту “Элеттик саламаттык комитеттеринин үнү” долбоорун эки жылдан бери ишке ашырып келатат. Эмне үчүн мындай долбоор пайда болду? Элеттик саламаттык комитети — бул көп сандагы жамааттык уюмдар. Алар Кыргыз Республикасынын дээрлик ар бир айылында бар жана негизинен жигердүү, коомдук маселелерге кайдыгер карабаган аялдардан түзүлгөн. Бул айымдар — айылдардагы коомдук прогресстин кыймылдаткычтары. Алар жалпы көйгөйдү чечүүгө жеке убактысын коротууга даяр турушат. Бирок муну дагы да натыйжалуу ишке ашыруу үчүн аларга адатта билим жетишсиз болуп калат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ЭСКга мамилеси — чоң көйгөй. Көпчүлүк муниципалитеттерде ЖӨБдүн жетекчилери эркектер жана алар “эжелердин” коомдук аракеттерине олуттуу мамиле жасабайт, ашып кетсе чогулушта сүйлөп коюуга гана уруксат беришет. Тең укуктуу кызматташтыкка даяр болгон айыл өкмөт башчылары өтө аз. Бирок ЭСК кырдаалды өзгөртүүгө даяр. Алар даражетин жогорулатып, жалпысынан башкаруу системасынын жана аны менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын иши тууралуу жаңы билимдерге ээ болуп, ЖӨБ менен биргелешкен аракеттер планын түзүп, элеттик турмуштагы реалдуу жана конкреттүү көйгөйлөрдү чечүүгө жең түрө киришип жатышат. Кыргызстандын бардык аймагында “ЭСК үнү” долбоорунун 30 өнөктөш ЭСКсы бар. Бирок бардык ЭСКлар жасаган жалпы алгачкы кадам — Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо. Биринчи кезекте мындайча айтканда саламаттык детерминанттардын абалын — узак жана дени сак турмуш үчүн зарыл болгон шарттарды изилдешти. ЭСК өз жамааттарындагы көйгөйлөр тууралуу маалыматтарды чогултуп, аларды жалпылаштырып чыгып, ЖӨБ органдарына аналитикалык иштин жыйынтыктарын өткөрүп беришти жана алар артыкчылыктуу көйгөйлөр тууралуу маалыматка гана ээ болбостон, ошону менен бирге ошол көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштарды да бере алган ишенимдүү, олуттуу өнөктөш болгонун далилдей алышты. ЭСК менен ЖӨБдүн кызматташтыгында кийинки кадам — Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу. Ал эми азырынча биз “Муниципалитет” журналынын окурмандарын Кыргыз Республикасынын отуз ЭСКсы өткөргөн ЖМБА–иш–чаралар комплексинин жыйынтыктары менен тааныштырабыз.**

***1–диаграмма. Саламаттык детерминанттары чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу көйгөйлөр***




Дени сак жашоо үчүн эң эле көйгөйлүү шарттар — таза суунун, жаштарды өнүктүрүү үчүн шарттардын (спорт жана маданият) жоктугу, муниципалдык жолдордун жана көпүрөлөрдүн начар абалы, КТК чыгаруу көйгөйү, аймакты жашылдандыруу жана көрктөндүрүү, коопсуздук (көчөлөргө жарык берүү), мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсү үчүн, балдарды мектепте окутууда физикалык шарттардын жоктугу. Бул чөйрөлөрдүн баары жергиликтүү маанидеги маселелерге – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына кирип жатканын байкаса болот. Бул болсо ЭСК менен ЖӨБдүн кызыкчылыктары шайкеш келе турганын дагы бир жолу ырастап турат.

Ичүүчү сууну ала турган болсок, бардык эл айылдык аймактарда бул маселе өтө курч турбайт. Айталы, жалпы жыйынтык боюнча, 30 айылдын он алтысында ушундай көйгөй бар болгонун айтышты (1–табл. кара). Бирок бул артыкчылыктуу көйгөй алкагынан алып карай турган болсок, ичүүчү суу көйгөйү бар болгон айылдарда бул өтө курч жана актуалдуу маселе деп эсептелет. ЖМБА жыйынтыгы боюнча, 16 пилоттук айылдын ичинен тогузунда, же жарымынан көбүндө таза суунун жоктугуна, же кызмат көрсөтүүнүн начар сапатына байланышкан көйгөйлөр алар үчүн өзгөчө артыкчылыктуу деген тыянакка келишти. Ушундай көйгөй кыйнап келаткан айылдарда бул маселе биринчи кезекте айтылат. Б.а., муниципалитетте башка да көйгөйлөр болгондун өзүндө таза сууну калк жамааттын саламаттыгына таасирин тийгизген негизги фактор катары аташкан.

Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсү үчүн шарттардын жоктугу, тагыраак айтканда бала бакчалардын жоктугу, же ал жактарда шарттардын жетишсиздиги 30 пилоттук айылдын 17 айылында айтылган. Тилекке каршы, Кыргызстанда элет жергесинде бала бакчалардын жоктугу өңдүү көйгөй өтө курч турат. Айталы, сезондук иштерге үй–бүлөнүн эмгекке жарамдуу бардык мүчөлөрү катышат, ошону менен бирге энелер да бул иштерге тартылары жашыруун эмес. Адатта мындай сезондук жумуштар тыйын табуунун жалгыз булагы болуп калууда. Ал болсо үй–бүлө чукул арада бүтүрүүгө үлгүрүп калган иштин көлөмүнө түздөн түз көз каранды (туристтик сезон, айыл чарба сезону (айдоо иштери, түшүм жыйноо). Бул мезгилде ата–эне балдарын кары–картаңдарга, же эмгекке жарамсыз болгон улуу балдарына калтырууга мажбур. Көп учурда баласын бала бакчага калтыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон энелер ишке чыга албай, экономикалык жана социалдык жашоодон артта калууда.

Көп учурда өзгөчө курч деп аныкталып келаткан дагы бир артыкчылыктуу көйгөй – окуу процесси маалындагы окуучулардын шарттары, ошондой эле окуучуларды окутуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу. Окутуу процесси үчүн жоопкерчиликти республикалык бюджет алганы менен, имарат жана аны тейлөө үчүн жоопкерчилик муниципалитеттин мойнунда болгону Кыргызстандагы мектептерди каржылоонун өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Республикалык бюджеттен каржылоо тең калыпта болгонунан улам бардык мектептерде окутуу процесси бирдей болгону менен, мектептердин физикалык абалы ар кайсы аймакта ар кандай жана жергиликтүү бюджеттен каржылоонун көлөмүнө жараша болот. Көпчүлүк мектептерде жылуулук системасына, чатырдын ремонтуна, даараткаларлардын абалына жана башка санитардык–тазалык шарттарга байланышкан көйгөйлөр курч турат. Балдардын мектептерде болгонуна, же шарттардын жоктугуна байланышкан көйгөйлөрдү пилоттук айылдардын жашоочулары өзгөчө артыкчылыктуу деп табышкан.

***1–таблица. Көйгөйлөрдү артыкчылыктарына жараша бөлүштүрүү***

| Артыкчылыктар рейтингиндеги орду | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | | Жалпы натыйжа |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ичүүчү суу | | 2 | 2 | 1 | 1 | | … | 16 |
| Спорт, маданият жана жаштар | 5 | | 6 | 3 | 3 | 4 | … | 30 |
| Мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар | 6 | 5 | 3 | 2 | 1 | | … | 17 |
| Мектепте билим берүү үчүн шарттар | 5 | 4 | | 1 | | 1 | … | 17 |
| Муниципалдык жолдор жана көпүрөлөр | 1 | 4 | | 4 | 3 | 3 | … | 24 |
| Таштанды чыгаруу, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | | 5 | 6 | 4 | 2 | 1 | … | 22 |
| Коопсуздук | 2 | 1 | 4 | 6 | 1 | 2 | … | 19 |
| Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү | 1 | | | 5 | 1 | 1 | … | 9 |
| Санитария жана тазалык | 1 | 1 | | 1 | 2 | 1 | … | 7 |
| Баштапкы кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк | | 1 | | | | | … | 2 |
| Жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү | | | | | | | … | 2 |
| Муниципалдык транспорт | | | | | 1 | | | 1 |
| Ички арыктарды тазалоо | | | 1 | | | | | 1 |
| **Жалпы натыйжа** | **30** | **30** | **30** | **27** | **15** | **13** | **9** | **167** |

Жалпынын көңүл буруусун талап кылган дагы бир көйгөй элеттик жаштардын бош убактысын өткөрүүгө жана алардын өнүгүүсүнө байланыштуу. Бул көйгөй дээрлик ар бир пилоттук муниципалитетте көтөрүлүп келет. Анткени айылдагы турмуш шарттын өзгөчөлүгү – бул калктын сезонго байланыштуу жумушу болгону, айыл чарбасынын жылдык циклине байланышкан. Иштен бош убактысында айылда инфраструктура чектелүү болгонунан улам улуу муун жана жаштар эмне кыларын билбей калышат. Көп учурда жаштар бош убактысын ичимдик менен өткөрүп, бул болсо жаштардын мушташы менен аяктаган учурлар да аз эмес. Мындай жашоо калыбы көнүмүш көрүнүш болуп, өмүр бою адатка айланып калат. Элеттиктердин баамында, жаштардын бош убактысын өткөрүүсү жана өнүгүүсү үчүн жерлер болсо (спорт залы, спорттук аянтча, футбол талаасы, элеттик клубдар), жаштар сергек жашоого багыт алып, саламаттыгына оң таасирин тийгизген адаттарга ээ болмок. Муниципалдык жолдордун начардыгы эң кеңири тараган жана көп көтөрүлүп келаткан көйгөйлөрдүн бири. Анткен менен артыкчылыктарды аныктоодо калктын саламаттыгына таасирин тийгизген катары ага азыраак маани беришет.



Таштанды жыйноо, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу турмуш–тиричилик калдыктарын чыгарууга, көчөлөрдү, аянттарды жана арыктарды тазалоого, ошондой эле муниципалитеттин аймагында бак–дарактарды отургузууга байланышкан бардык көйгөйлөрдү бириктирет. Буга парктарды, көрүстөндөрдү жана балдар аянтчасын тейлөө жана күтүү жаатындагы муниципалитеттердин көйгөйлөрү да карайт. Пилоттук айылдардагы ЖМБА көрсөткөндөй, бул көйгөй калктын саламаттыгына таасирин тийгизген фактор катары өтө көп көтөрүлүп келет (30 айылдын ичинен 22 айыл). Анткен менен артыкчылыктуулугу жагынан алганда, бул көйгөйлөр таза сууга, мектептерге, бала бакчаларга жана айылдын башка инфраструктураларына байланыштуу жогоруда аталган көйгөйлөрдөн кийинки орундарда турат.

Бир караганда элеттик саламаттык комитеттери аныктаган көйгөйлөр типтүү, жаңылык деле эмес жана Кыргызстандын бардык айылдары үчүн мүнөздүү. Бирок ЖМБА процессине элеттик саламаттык комитеттеринин катышуусу бизге бир фактты көрсөтүүдө — жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы Кыргызстан элинин жашоо узактыгы жана сапаты үчүн стратегиялык мамилеге жооп берет.

Бул мамлекеттик башкаруу – өкмөт, саламаттык сактоо системасы үчүн ойлонууга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары — бул өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн өзөктүк чынжыры жана маанилүү шарты болгонун баамдоого жем таштоодо. Туруктуу өнүгүүнүн негизги кенчи — анын эли, ал эми элдин негизги кенчи — анын саламаттыгы эмеспи.

# Жарандардын тынч чогулуштары жамааттын чогулуштарынан жана жыйындарынан эмнеси менен айырмаланат? Юристтин түшүндүрмөсү

**Бектурган ОРОЗБАЕВ**

**Жамааттар менен иш алып баруу практикасында Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери бир суроону көп угушат: айылдарда бейформал чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүү салты көп жылдардан бери калыптанып калган чакта жол–жоболору татаал коомдук угууларды өткөрүү канчалык зарыл? Анын үстүнө мыйзам чыгаруучулар жакында эле тынч чогулуштар тууралуу атайын мыйзам кабыл алышты. Кыргызстанда кырдаал ушундай – жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу салты узак убакыттан бери тамырын жайып келатканына карабастан, мындай катышуунун эффективдүүлүгү көптөн бери төмөн болуп келди. Анткени теория маселелери жана бул теориянын чечим кабыл алуу процессинде практикалык жыйынтыктарга таасири өтө терең иштелип чыккан эмес. Башкача айтканда, жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга дайыма эле катышып келген деңизчи. Бирок чечим кабыл алууга жетиштүү деңгээлде таасир тийгизе алчу беле – бул башка маселе. Чоң көлөмдөгү эмпирикалык маалыматка (тажрыйбанын натыйжасында алынган маалымат) ээ болуу менен, Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери бир тыянакка келди – катышуу жол–жоболор менен коштолуш керек. Мыйзамдарга негизделген жол–жоболор гана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууну жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга таасир этүү деңгээлине чыгара алат. Мындан тышкары, жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусунун түрдүү формалары ар кандай максатка ээ болгонун баамдай билүү өтө маанилүү. Ошондуктан “Муниципалитет” журналы “жарандардын тынч чогулуштары жамааттын чогулуштарынан жана жыйындарынан эмнеси менен айырмаланат?” деген суроого юристтин түшүндүрмөсүн сунуштайт.**

“Тынч чогулуштар жөнүндө” КР Мыйзамы жарандардын чогулуштарынын бир түрүн уюштуруу жана өткөрүү тартибин да караштырат. Ал мүнөзү боюнча зомбулуксуз, куралсыз, бирок башкалардан айырмалуу, обочолонгон мүнөзгө ээ.

Тынч чогулуштар тууралуу мыйзам дегенде максатына жана тапшырмаларына ылайык, карама–каршы көз караш билдирүү чогулуш болгонуна көңүл буруу керек. Анткени мыйзам тынч чогулуш өткөрүүдө мамлекеттик органдарга, тартип коргоо органдарына жана ЖӨБ органдарына ар түрдүү коопсуздук чараларын көрүү милдетин жүктөйт: чогулуштун катышуучулары “Тынч чогулуштар жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарын бузган учурда күч колдонуу менен тынч чогулушту токтотууга чейин.



Кайсы бир маселелер боюнча пикирлерди билдирүүнү кошуп алганда, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көңүлүн, коомдук көңүлдү бурдуруу максатында тынч чогулушка өлкөнүн жарандары (жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү гана эмес), чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жоктор да катыша алат. Мындан тышкары тынч чогулушту саясий партиялардын, башка уюмдардын өкүлдөрү жана тынч чогулуш өткөрүү демилгеси менен чыккан жарандар уюштура алат.

Ошону менен бирге мыйзам каршы чогулуш, б.а., ошол эле жүйө, бирок бул чогулуштарды өткөрүүнүн ордуна жана убактысына карабастан карама–каршы көз караш жөнүндө билдирүү максаты менен өткөрүлүүчү чогулуш өткөрүүгө уруксат берет.

Тынч чогулуштар айрым бир жерлерди кошпогондо, КРнын бардык аймагында өткөрүлө алат. Айталы, катышуучулардын коопсуздугун камсыздоо максатында “Тынч чогулуштар жөнүндө” КР мыйзамы тынч чогулуштарды коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүш объекттерине, электр станцияларына, темир жолдорго, мунай түтүктөрүнө жана электр берүүнүн жогорку чыңалуудагы чубалгыларынын алдына, пенитенциардык тутумдун объекттерине, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарына жакын (100 метрден кем эмес) жерлерде өткөрүүгө тыюу салат.

Тынч чогулуштар ойлонулбаган түрдө, алдын ала кабарландырбастан өткөрүлө алат, ошондой эле чогулуш өткөрүү тууралуу кабар берүү менен да өткөрүлөт. Б.а. пландалган чогулуш тууралуу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алдын ала кабарландырма берилет.

Өз кезегинде жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштары (жыйындары) да “Тынч чогулуштар жөнүндө” КР Мыйзамында каралган чоугулштарга окшобогон, башкалардан айырмалуу мүнөзгө ээ. Анткени жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарына (жыйындарына) муниципалитеттин жашоочулары катышат. Алар болсо өздөрү үчүн маанилүү болгон жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулашат. Б.а., бул жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга тикелей катышуусунун формасы.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык (7, 58, 60–беренелер), жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга өкүлчүлүктүү жана тикелей катышуу формаларында жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылса, жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга тикелей катышуусу төмөнкү формада жүзөгө ашырылат: 1) коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарында (жыйындарында) талкуулоо; 2) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо; 3) ченем чыгаруу демилгесин көтөрүүгө жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча тикелей добуш берүүгө катышуу.

Жергиликтүү жамааттын чогулуштарынын жана жыйындарынын маңызын дагы да деталдуу түрдө “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 58–беренеси жана 60–беренеси ачып берет. Аларга ылайык, олуттуу мааниге ээ маселелер, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана анын аткаруу органдарынын маалыматын угуу жана талкуулоо боюнча жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эске алуу максатында бир көчөнүн, бир кварталдын, микрорайондун же айылдын аймагында жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн катышуусу менен чогулуштар (жыйындар), коомдук угуулар өткөрүлөт, алар боюнча сунуштар кабыл алынат. Чогулуштардын (жыйындардын) сунуштары тиешелүү чогулуштардан (жыйындардан) өкүлдөрдү (делегаттарды) катыштыруу менен каралат.

Аталган мыйзамдардагы жоболордон улам жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн тынч чогулуштары (жыйындары) түрдүү максаттарды жана тапшырмаларды көздөйт деп айтса болот. Ошондой эле аларды уюштуруу тартиптери да ар башка. Ошондуктан алар жалпы бир бүтүн катары карала албайт.



# Муниципалдык дем берүүчү гранттар борбор калааны жана анын жашоочуларын өзгөртүүдө

**Лариса ЛИ,** ӨСИнин долбоор менеджери

*"Бишкек – менин сүйүктүү шаарым", "Жер жүзүндөгү эң мыкты жер", "Жүрөктөн түнөк тапкан шаар" – биздин борбор калаабыз кандай гана эпитеттерди жана кооз сөздөрдү уккан эмес! Ошондон улам да шаар жана анын жашоочулары чатырынан суу аккан, кумсарган көп кабаттуу үйлөргө, терезелери жана почта кутулары талкаланган подъездерге, жарыксыз, кароосуз короолорго татыктуу беле деп кейип кетесиң.*

Чын эле ушундай көрүнүштөргө баш ийип отуруп калса болобу? Мегаполистеги жашоодо орун алган айрым мисалдар көрсөткөндөй, бактыга жараша биздин шаарда кайдыгер карабаган адамдар аз эмес экен. Жергиликтүү бийлик да мындай адамдарга сүйүктүү борбор калаабыздын жүзүн сапаттуу өзгөртүү үчүн ар кандай чечимдерди сунуштап турат. Бишкек мэриясынын финансылык колдоосу менен башкаруучу компаниялар, Турак жай ээлеринин шериктиги, жигердүү, кайдыгер карабаган шаардыктар шаардык казынадан дем берүүчү гранттарды алып, турак жайларын тартипке келтире баштады. Анткен менен ушул жана башка демилгелер тууралуу, тилекке каршы, көптөр уккан эмес. Айталы, ШӨАнын маалыматына ылайык, бул максатта шаар бюджетинен бөлүнгөн каражаттар өздөштүрүлбөй келатат. Анда Турак жай коммуналдык чарбасында көйгөй бар, аны жашоочулар чечкиси келет, атүгүл грант да бар, бирок маалымат жетишсиз болуп калууда.

Мына ушул маселени жөнгө салуу максатында, шаарды өнүктүрүү агенттиги жана Өнүктүрүү саясат институту DFID финансылык колдоосу менен, "Бишкек шаарынын бюджеттик процессинин айкындуулук жана отчеттуулук деңгээлин жогорулатуу" Долбоорунун алкагында 2015–жылдын 26–майында борбордук журналисттер үчүн пресс–тур уюштурду.



Дем берүүчү гранттардын жардамы менен жаңыртылган социалдык объекттерге маршруттар иштелип чыкты. "Акипресс", "Вечерний Бишкек", 24.kg өңдүү алдыңкы маалымат агенттиктердин, "Кыргыз туусу", "Общественный рейтинг", "Вечерний Бишкек" гезиттердин, "Деловой собеседник" журналынын, НБТ телеканалынын жана башка басылмалардын журналисттери Байтик Баатыр көчөсүндө жайгашкан "Бириккен үй" Турак жай ээлеринин шериктигине баш багышты. Анын жашоочулары чатырды капиталдык ремонттон өткөрүп алышкан. Ал эми "Гелий" ТЭШте утуп алынган долбоордун жана мэриядан алынган гранттын жардамы менен кантип короого жана ага жанаша жаткан көчөлөргө асфальт төшөшкөнүн айтып беришти.

Аламүдүн–1 кичирайондун жашоочулары аракеттери жана жасаган иштери журналисттерди таасирлендирди. Бул жерде "Айгүл" ТЭШи мэриянын финансылык колдоосу менен короону, подъезди, балдар аянтчасын көрктөндүрүп, көптү көргөн журналисттер таң калуусун жана кубанычын жашыра албай, колго жасалган кооздукту сактап калуу үчүн сүрөткө улам–улам тартып жатышты.

Уюштуруучулар жашоочулардын күчү менен, ошондой эле Бишкектин бюджетинен бөлүнгөн дем берүүчү гранттардын жардамы менен көркүнө келген жана жаңыртылган турак жай объекттерин көрсөтүү максатын көздөгөн эле, ал ишке ашты. Журналисттер жарандардын сүйүктүү Бишкекти кооз, коопсуз жана жашоо үчүн ыңгайлуу кылууга умтулган демилгеси шаар бийлигинин финансы ресурстары жана ак ниети менен коштолсо, бул кандай күчкө ээ боло турганын конкреттүү мисалдар менен көрө алышты.

Тур аяктагандан кийин анын катышуучулары менен ӨСИнин эксперти Асылбек Чекиров жолугушуп, Шаарды өнүктүрүү агенттиги гранттарды алуу үчүн ТЭШ арасында уюштурган сынак, учурдагы көйгөйлөр, аны чечүү жолдору жана бул багытта мэриянын иши тууралуу айтып берди.

Турдан кийин көп өтпөй өзү жашаган көп кабаттуу үйдүн, короонун, айлана–тегерегинин тагдырын өз колуна алган демилгечилер тууралуу баяндаган репортаждар чыга баштады. Борбор калаанын жүзү жана анын жашоочулары жөнүндө тема журналисттерди кайдыгер калтырбаганын материалдардын мазмунунан жана маанайынан сезүүгө болот.

# Муз козголду: кадрларды даярдоо боюнча жаңы системанын алгачкы жыйынтыктарын баалоо

**Нурдин КҮМҮШБЕКОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалдык кызмат боюнча адиси, ӨСИ


***Биздин коомдо даражасына жана макамына карабастан аткаминерлерди урушуу адатка айланды. Кээде себеби бар болсо, айрым бир учурларда себепсиз, атүгүл мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жоопкерчилик алууга милдеттүү болбогон иштер үчүн да урушушат. Бирок, эрежеге ылайык, эл жүйөсүз сындабайт эмеспи. Алар бюрократия, жарандарга болгон кайдыгер мамиле, компетентсиздик үчүн доомат артып келишет.***

***Мамлекеттик машинанын иши жылдан жылга начарлап баратканына байланыштуу жүргүзүлгөн көп сандаган изилдөөлөр жана себептерин талдоо кептин баары кадрларды даярдоодо жатканын ырастоодо. Бул өзгөчө ЖӨБго тиешелүү. Билим берүүдөгү эксперименттер өлкө мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу системасыз калганына алып келди. Бул кенемтени эл аралык уюмдардын жана фонддордун акчасына уюштурулган көптөгөн семинарларды жана тренингдерди өткөрүүнүн эсебинен жоюу мүмкүн деген үмүт акталган жок. Муниципалитеттер үчүн кадрларды окутуу маселесинде системдүүлүктүн жана туруктуулуктун жоктугу көйгөйдү чече алган жок.***

## Моделге карай жол

Системага ээ болбогон тренингдер муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу көйгөйүн чече албай турганы жөнүндө тезисти биринчи жолу Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган “Ушул жерде жана Азыр” аттуу Адамдын өнүгүүсү тууралуу улуттук докладында негиздеп берди. Доклад 2012–жылы жазылган жана ошол замат муз козголду десек болот. Мамлекеттик кадр кызматы муниципалдык кызматчыларды окутуу стратегиясын түзүүдө ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында ӨСИ сунуштаган мамилени негиз катары кабыл алды. Ага ылайык, көңүл чордонуна ЖӨБ органдарынын өздөрүнүн керектөөлөрү чыгарылат, окутуу мамлекеттик тапшырык аркылуу системалык негизде жүргүзүлөт. Тапшырык болсо билим берүүчү уюмдар арасында сынактын негизинде жайгаштырылат, ал эми окутуунун жыйынтыктары баланат (1–диаграмманы караңыз).

Бул макалада окутуунун бардык моделинин маанилүү критерийлеринин бири болуп эсептелген окутуунун эффективдүүлүгүн баалоо тууралуу сөз болот. Аны менен катар ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматына сунуштаган модель тууралуу да айтып беребиз.



Окутуу модели 2012–жылдын 12–июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин №162 Жарлыгы менен бекитилген 2013–2017–жылдарга Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү программасына киргизилген.

Моделдин эффективдүүлүгүн текшерүү, зарыл болгон чакта окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизип туруу үчүн Долбоор 2014–жылы муниципалдык кызматчыларды окутуунун эффективдүүлүгүн баалоо Методикасын иштеп чыкты. Бул ыкма туура болду.

## Анкета толтуруу – "кууш жерлерди" аныктоонун ыкмасы

Маалыматтарды чогултуунун пайдасын жана Методиканын башка суроолорун текшерүү үчүн биринчи кезекте тестирлөө жүргүзүлдү. Бул ишти социологиялык изилдөөлөр жаатында адистешкен алдыңкы компаниялардын бири аткарды. 2015–жылдын январь–март айларында анын кызматкерлери Ысык–Көл жана Жалал–Абад облустарындагы муниципалдык кызматчылар арасында сурамжылоо жүргүздү. Аталган эки облус окутуунун моделин тестирлөөнүн алкагында 2014–жылы пилоттук окуудан өтүшкөн эле. Бул жол–жободон аталган респонденттер иштеген айыл өкмөттүн башчылары да өттү.

Окууну Долбоор Мамлекеттик кадр кызматы менен биргеликте 9 окуу модулу боюнча уюштурганын, алардын темалары учурдагы керектөөлөргө жараша аныкталганын белгилей кетүү керек. Баса, алардын ичинен 6 окуу модулу 2015–жылы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамтапшырыкта колдонулмакчы. Пилоттук окуудан 82 киши өттү. 164 ыктымал катышуучунун ичинен Ысык–Көл жана Жалал–Абад облусундагы 49 айыл өкмөттөн 98 респондент тандалып алынды (алардын ичинен 51и – кызматчылар, 47си – айыл өкмөт башчылары). Баары болуп 100 анкета толтурулду.

Тестирлөө үчүн үч усул тандалып алынды: №1 усул: "Респонденттин иштеген/жашаган жери боюнча маектешүү" – маалымат чогултуу кызмат өтөгөн жеринде маектешүүнүн жардамы менен жүзөгө ашты; №2 усул: "Иштеген/жашаган жери боюнча анкетаны өз алдынча толтуруу" – респонденттер анкетаны почта, же электрондук дарек аркылуу алып, кайра жоопторун ошол жолдор менен кайтарышты; №3 Усул: "Анкетаны интернетти жана скайпты колдонуу менен толтуруу" – облус борборунда интернеттин жана скайптын жардамы менен толтурулду. Интервьюер Бишкекте туруп деле облустук борбордо отурган респондентке суроо узатып, анкетаны толтура алды.

Үч усулда тең атайын иштелип чыккан анкеталар колдонулганын белгилей кетели (АӨ башчысы үчүн да, АӨ кызматчысы үчүн да өз–өзүнчө).

Таблицада окуудан өткөн, сурамжылоого катышкан респонденттердин саны боюнча маалыматтар берилди.

## Натыйжасында эмнелер аныкталды?

Тестирлөөнүн жыйынтыгында сурамжылоонун үч усулуна тең тиешелүү болгон "плюстар" да, "минустар" да аныкталды. Көбүрөөк туура келген методиканы тандоого төмөнкү факторлор таасирин тийгизет: маалымат чогултуунун баасы, мөөнөтү жана толуктугу (респондент жайгашкан жер, анкетаны туура толтуруу. Алардын баарын изилдөөчүлөр өз отчетуна киргизди. Чыгымдар да бул отчетко кирди. Эң кымбат – респондент менен жеке баарлашуу болду – интервью үчүн 40 доллар, эң арзаны – кат же электрондук дарек менен алынган анкетаны толтуруу – 25 доллар.

## Суроого жооп бергендердин арасына кимдер кирди?

Ысык–Көл облусунда анкеттөөдөн 40 киши өттү, алардын ичинен 18 АӨ башчысы, 22 АӨ кызматчысы. Ал эми Жалал–Абад облусунда 58 респондент суроолорго жооп берди: 29 АӨ башчысы, 29 АӨ кызматчысы. Сурамжылоого катышкандардын ичинен 77,5 пайызын эркектер түздү. Бул көрсөткүч ЖӨБдө гендердик теңсиздик бар экенин дагы бир жолу ырастайт.

Анализ көрсөткөндөй, бардык жетекчилер жогорку билимдүү. Бирок кызматчылардын 60 пайызы гана ЖОЖду бүтүргөн. Респонденттердин жашы 35тен 64кө чейин, муниципалдык кызматта иш стажы 5 жылдан жогору.

## Окуудан пайда

Айыл өкмөт башчыларына жана муниципалдык кызматчыларга окууну баалоо боюнча узатылган суроолор ар башка болду. Жетекчи–респонденттер "Окуунун жыйынтыктарынын бөлүмчөлөрдүн жана ЖӨБ органдарынын керектөөлөрүнө, максаттарына жана тапшырмаларына шайкештигин" эң жогору деп баалашты — беш баллдын ичинен 4,04 балл. Окуудан өткөн кызматчынын бөлүмчөнүн же ЖӨБ органдын ишинин жыйынтыктарын жакшыртууга кошкон

***Сурамжылоого катышкан окуунун катышуучулары тууралуу маалымат***

| Усулдар | АӨ башчылары | | АӨ адистери | | Баары | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | План | Факт | План | Факт | План | Факт |
| № 1 усул – "Интервью" | 17 | 16 | 19 | 18 | 36 | 34 |
| № 2 усул – "Анкетаны өз алдынча толтуруу" | 40 | 26 | 40 | 23 | 80 | 49 |
| №3 усул – "Скайп–маектешүү" | 11 | 7 | 11 | 10 | 22 | 17 |
| Баары | 70 | 49 | 70 | 51 | 140 | 100 |

салымын, окуудан өткөндөн кийин берген идеяларды жана сунуштарды баалоо, алынган билимдерди, көндүмдөрдү кесиптештерине өткөрүп берүү, окуу материалдарын жайылтуу дээрлик төрт баллга жетти.

Катар курам да окууга кеткен убакытты бир кыйла оң баалады. Аны пайдалуу деп дээрлик баары эсептешти – 4,39 балл. Муниципалдык кызматтын аткаминерлери алынган билимдердин жана көндүмдөрдүн актуалдуулугун жана жаңычылдыгын белгилешти (4,20 балл). Ошондой эле алар окуулар иште талап кылынган керектөөлөргө жооп бергенин, аларды практикада колдонсо болоорун белгилешти. Бул эки критерий бирдей бааланды – 4,16 баллдан болду. Окуу практикалык тапшырмаларды аткарууга багытталганбы? Көпчүлүк “ооба” деп жооп берди. Жыйынтыгы – 4,08 балл.

## Маңызы боюнча чечмелөө

Чогултулган маалыматтарга жүргүзүлгөн анализ ойго түрткөн бир катар көрүнүштөрдү аныктай алды. Мисалы, АӨ башчыларынын ичинен 32% гана кол алдындагыларды окутууга кетчү чыгымдарды жергиликтүү бюджетке кошоорун айтты. Ушундан улам калган көпчүлүк башчылар же өз кадрларынын квалификациясын жогорулатуу тууралуу такыр эле ойлонгон эмес, же кызматчылардын карьералык өсүшүнө кам көрбөй, калкка көрсөтүлчү кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу эч ойлонбостон буга маани берген эмес деп божомолдосо болот.

Белгилей кетүү керек, айыл өкмөттүн кызматкерлери өткөн окуу татаал, жаңы билимдерге бай гана эмес, ошону менен бирге бир кыйла интенсивдүү мүнөзгө да ээ болду. Жогорку окуу жайды мындан 15–20 жыл мурда аяктаган чоң эле адамдардын баары эле окуу процессине тез көнүп кете албайт эмеспи. Ушундан улам окууну уюштургандар жакшы пикирлерди укканда кубанышты. АӨ башчылары окуунун мөөнөтүн узартууну, предметтерди кыргыз тилинде өтүүнү, ага бардык адистерди, өзгөчө жаштарды катыштырууну, муну туруктуу негизде – жылына бери дегенде 1, эң көп 4 жолу уюштурууну сунушташты. Теория менен айкалыштыруу үчүн практикалык окууларды көбүрөөк уюштуруу сунуштары да болду. Үнөмдөө максатында окууну райондордо жана айыл өкмөтүндө өткөрүү тилеги айтылды. Ошондо курска жергиликтүү кеңештердин депутаттары да катыша алмак. Бюджетте каражат караштыруу максатында окууну алдын ала пландоо керектиги айтылды.

Муниципалдык кызматчылардын энтузиазмы жана сунуштамалары андан да көп болду. Алар окуу жеткиликтүү жана маңыздуу болгонун, жакшы уюштурулганын белгилешти. Алар да окуунун убактысын узартууну өтүнүп, теманы түшүндүрүүдө эксперттер Бишкекте болгон окуяларга эмес, региондук мисалдарга көбүрөөк таянса деген ниетин билдиришти. Алардын ичинен көбү өткөрүлгөн иш–чаралар, калк менен иштешүүдө жетишкендиктер жана алдыңкы тажрыйбалар менен бөлүшүү үчүн ар түрдүү ЖӨБ органдары арасында тажрыйба алмашуу зарыл болуп турганын айтышты. Мындан тышкары ар бир кызматчыны функционалдык милдеттенмелерине жараша окутуу сунушталды.

Кемчиликтерин айта турган болсок, катышуучулар окуу кыска мөөнөттүү болуп калганын белгилешти. Башкача айтканда, жаңы эле кызыгына киргенде үйгө кайтуу мөөнөтү да келип калды. Транспортко байланыштуу көйгөйлөр белгиленди – айрымдар окуу борборуна жетүү үчүн күн сайын 40–60 километр аралыкты басып өтүүгө мажбур болду.

## Сөздөр, пикирлер, кеңештер

Катышуучулардын айтымында, башталышы жалпысынан ийгиликтүү болду. Алар уюштуруучуларды окууну мыкты уюштурганы, программаны туура түзгөнү, пайдалуу маалыматтарды камтыганы, башка райондордон жана айыл өкмөттөрдөн келген кесиптештери менен тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгү, пайдалуу билим үчүн макташты. Мунун натыйжасында айрымдары атүгүл жакшы долбоор жазып, тендер утуп алышты.

Дагы маанилүү бир жагдай – көптөгөн аткаминерлер окуу маалында компьютерди өздөштүрүп, аны колдоно башташты, салык салуу, бухгалтердик эсеп, жеке ишкерлер менен иш алып баруу, бюджеттерди биргелешип кароо жаатында жаңы билимге ээ болушту. Элет жергесин өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу, жерлерди бөлүштүрүү жана стратегиялык пландоо маселелерин жакшыраак үйрөнүштү, КР Конституциясын жана ЖӨБ тууралуу мыйзамдарды жакшы чечмелеп калышты, АӨнүн кирешелүүлүгүн жогорулатуу жана муниципалдык менчикти колдонуу ж.б. багыттарда көп жаңы нерселерди биле алышты.

Бардык катышуучуларды өкүндүргөн жалгыз нерсе – мамлекеттик сатып алуулар тууралуу сабак азыраак болуп калды. Бул татаал, бирок өтө зарыл тема оңой болгон жок. Уюштуруучулар муну келечекте эске алыш керек жана мамлекеттик сатып алууларга көбүрөөк саат бөлүүгө тийиш.

Бул предметтен тышкары респонденттер программага соціиалдык–маданий багыттагы темаларды, эмгек мыйзамдарын, компьютердик сабаттуулуктун негиздерин, финансыны, өзгөчө кырдаалдарды, бухгалтерияны, иш өндүрүшүн, курулушту жерди иштетүүчү техниканы, инвестицияларды тартууну, долбоорлорду иштеп чыгууну, жергиликтүү бюджеттин кирешелерин, аны пландоону, юридикалык документтерди жол–жоболоштурууну, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууну, салык мыйзамдарын (мисалы, тоо–кен өнөр жайында салыктык жана салыктык эмес жыйымдарды эсептөөнү), мамсатып алууларды, кызматчыларды баалоону, коомдук уюмдарды тартуу менен окутууну, жер маселелерин, экономикалык өнүгүүнү, анализди, статистиканы, мониторинг жана баалоону кошууну сунушташты. Тизме өтө кеңири. Бирок эч бир айтылган тема кокустан кошулуп калды дегенге болбойт.

### Мындан ары эмне болот?

Изилдөөлөрдүн жана катышуучуларды сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча ӨСИ мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өркүндөтүү жана бул окуунунун жыйынтыктарын баалоо үчүн сунуштамаларды даярдады. Бүгүнкү күндө иштелип чыккан Методика анын жыйынтыктарына системалуу мониторинг жана баалоо үчүн аспап катары колдонулса болот.

Методикада сунушталган индикаторлор окутуунун максаттары, окуудан өткөн контингенттин өзгөчөлүктөрү, темалары, окугандардын саны ж.б. түрдүү факторлорду эсепке алуу менен өзгөртүлсө болот жана ыңгайлаштырылат.

Тестирлөө тренингден кийинки мезгил – окуудан өткөн кызматчылардан жана алардын жетекчилеринен иш ордунда маалымат чогултуу көбүрөөк көңүл бурууну талап кыларын аныктады. Ал Методиканы практикада колдонуу үчүн мамлекеттик органдарда жана муниципалдык башкарууда кадр дараметин түзүүгө көбүрөөк көңүл буруу керектигин көрсөттү. Анын ичинде кызматчыларды окутуу үчүн тикелей жооптуу болгон түрдүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадр кызматтарынын өкүлдөрүн окутууга көңүл бурулуш керек.

Мүмкүнчүлүктөр чектелүү болгон шарттарда уюштуруучулар жана окутуунун тапшырыкчылары үчүн маалымат чогултуу жана жалпысынан мониторинг, баалоо жүргүзүү ишин аутсорсингге – сырттагы изилдөөчү уюмдарга берүү максатка ылайыктуу болмок. Бул үчүн окуу курстарынын жана программаларынын бюджетине анын жалпы наркынан 10–15% көлөмүндө каражат калтыруу керек.

Соңунда сунушталган Методика боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзө тургандар көңүл бурчу дагы бир маанилүү фактор – бүгүнкү күндө дээрлик ар бир мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы мобилдик телефон көтөрүп жүрөрүн, ал эми республикада мобилдик байланыш бардык жерде болгонун эске алып, интернеттин (эл. дарек жана скайп) мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле мобилдик байланышты мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонуу.

PS. 2015–жылдын май айында ӨСИ адистери Мамлекеттик кадр кызматынын өкүлдөрү менен жолугушуп, Долбоордун Методикасын тестирлөөнүн жыйынтыктарын талкуулашты. Жолугушууда ведомствого ушул макалада кеңири баяндалган сунуштамалар тапшырылды.

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын төм. усулдук окуу китептери тестирлөөдөн өтүп жатат: 1) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун эффективдүүлүгүн баалоо боюнча жана 2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууда керектөөлөрдү баалоо боюнча. Тестирлөө Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы менен Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен биргеликте өткөрүлүп жатат. Маалымат чогултууда респонденттер – 2014–жылы Мамлекеттик тапшырык боюнча окуудан өткөн 80 мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы, ошондой эле 80 жетекчи.

# Эффективдүү муниципалдык кызмат – региондорду ийгиликтүү өнүктүрүүнүн кепили

**А. КЫПЧАКОВ,** Кызыл–Кыя шаарынын экономиканы өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу бөлүмүнүн башчысы



Учурда биздин өлкөдө коомдук–саясий жашоонун көптөгөн бөлүгүндө реформалар жүрүүдө. Маанилүү багыттардын бири болуп, жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоо эсептелет. Анткени алардан жарандарга жашоо үчүн татыктуу шарттарды түзүп берүүгө байланышкан социалдык ал–акыбалы көз каранды.

Бул жооптуу тапшырмаларды аткарууда негиз салуучу роль жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын ишмердигин камсыздаган муниципалдык кызматчыларга жүктөлгөн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз функцияларын жана тапшырмаларын тиешелүү ченемдик–укуктук актылар менен аныкталган өз ыйгарым укуктарынын чегинде аткарып келет. Аларды ийгиликтүү аткаруу үчүн, менин баамымда, айрым бир көйгөйлүү маселелерди чечүү зарыл. Алар оң чечилсе, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын эффективдүү өнүктүрүүгө көмөктөшмөк.

Биринчи кезекте кызматкерлердин мотивациясын жогорулатуу зарыл. Анткени ушул тапта билимдүү жаштарыбыздын мыкты бөлүгү экономиканын баш-

ка чөйрөлөрүндө жана тармактарында, ошондой эле чет өлкөлөрдө иштеп жатышат. Албетте ал жактарда эмгек маянасы да бир кыйла жогору эмеспи. Бирок зарыл шарттар бюджет таңсыктыгынан улам түзүлбөй жатат. Ошентсе да эгерде биз жергиликтүү маанидеги маселелер ыкчам чечилип, жарандарыбыздын турмушу күндөн–күнгө жакшыруусун кааласак, анда ЖӨБ органдарынын эффективдүүлүгүн жогорулатууга байланышкан көйгөйлөрдү чечишибиз керек.

Салыктарды жана салыктык эмес түшүүлөрдү чогултуу үчүн жоопкерчиликти салык органдары менен катар шаар мэрлери да алган. Жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн толуктоо максатында салыктардын айрым түрлөрүнүн чоң үлүшүн ЖӨБ органдарына калтыруу керек. Бул болсо жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтмек жана муниципалдык кызматкерлердин эмгегине дем бермек.

Белгилүү болгондой, акыркы убакта Мамлекеттик кадр кызматы сынактык жол–жоболорду, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоону жакшыртуу боюнча чараларды көрүүдө. Буга байланыштуу жеринен сунуштар пайда болууда. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына ишке орношууну каалаган ар бир адам МККдагы сынактык тандап алуудан (тестирлөөдөн) өтүш керек. Талапкерге компьютерден берилген тестте 500дөн ашык суроо бар. Эми 20–30 жаштагы, биринчи жолу компьютердик тестирлөөгө катышып жаткан орто статистикалык талапкерди элестетип көрүңүзчү. Ал ЖӨБ органдарынын ишине жана республиканын мыйзамдарына тиешелүү ченемдик–укуктук маселелердин жогоруда айтылган көлөмүн так билиш керек. Ал муну ишке ашыра алары күмөндүү. Ошондуктан тестке кошулган суроолордун көлөмүн азайтып, бирок аларды дагы да конкреттүү, ЖӨБдүн көйгөйлөрүнө багытталгандай кылуу сунушталат.

Маанилүү маселе – муниципалдык кызматчылардын карьералык өсүшү. Менин баамымда, Кыргызстанда муниципалдык кызматчылардын өсүшүнө көз салып турган так система жок. Муниципалдык кызматчы ЖӨБ органында ишин баштагандан тартып (сынактан өткөндөн кийин) ал тууралуу маалыматты атайын базага киргизүү керек жана аны дайыма көз карында кармап, ар бир сыйлыктарын, ага берилген эскертүүлөрдү жана негизи эле ишин баалоону эсепке алып туруу зарыл.

Кийинки маселе – квалификацияны жогорулатуу курстары. Ал жакта билим алган кызматчы чындап эле талап кылынган билимге жана көндүмдөргө ээ болушу үчүн окууга мыкты лекторлорду – профессорлорду, илим докторлорун – өз тармагында (экономика, укук, социология, психология, конфликтология ж.б.) абрюю жогору адистерди тартуу керек. Окууну өлкөдөгү мыкты делген жогорку окуу жайлардын базасында өткөрүү, ошондой эле практикалык сабактарга тажрыйбалуу жана абройлуу муниципалдык кызматкерлерди тартуу жакшы болмок. Муну менен катар муниципалдык кызматчыларды компьютердик технологиянын жетишкендиктери менен тааныштырыш керек. Өкмөт электрондук документ жүргүзүү жана электрондук өкмөттү жайылтуу боюнча чараларды көрүп жатканынан улам да бул маселе дагы деле актуалдуу болуп турат.

Мотивацияны жакшыртуу максатында муниципалдык кызматчыларды кайра даярдоонун натыйжасы боюнча, сертификаттарды тапшыруу баалоо менен коштолууга тийиш (маянага акча кошуу жана аттестацияда колдонуу системасына кошуу максатында алынган билимдин деңгээлин аныктоо үчүн тестирлөө жүргүзүү зарыл).

Кызматчыларды үзгүлтүксүз окутуу системасы бир катар өнүккөн өлкөлөрдө жолго коюлган жана биздин өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу менен алардын оң тажрыйбасын колдонуу жакшы ролду ойномок. Жергиликтүү жамаат менен иш алып баруу боюнча жогорку кесипкөй менеджер болуп эсептелген жаңы муундагы муниципалдык кызматчыларды даярдоо жана кайра даярдоо маселеси дайыма көңүл чордонунда турган жана ЖӨБ органдарынын жана андан жогору турган органдардын жетекчилеринин биринчи кезекте көңүл буруусун талап кылган маселе болушу абзел. Муниципалдык кызматкерлерди өзүнүн функционалдык милдеттенмелерин жакшы аткарууга дем берүү максатында ЖӨБ жетекчилерине аларды шыктандыруу үчүн дагы да кенен ыйгарым укуктарды берсе болот. 2012–жылы Өкмөттүн тиешелүү чечими менен ЖӨБдүн кызматкерлеринин маянасына кадам–кадамы менен кошумча акы кошуу чоң суроону жаратууда. Мыкты иш үчүн ар бир эки жыл сайын каралып турган арзыбаган үстөк акча иштиктүү дем болуп бербейт жана күтүлгөн жыйынтыкка да жеткирбейт. Муниципалдык кызматчылардын көп жана оор ишинде күнүмдүк жумушта бет келген башка да көйгөйлөр бар. Бирок бул макалада көтөрүлгөн маселелердин жок дегенде азганактай бөлүгү айтылып, чечилсе, анда бул моралдык жана материалдык түрткү болуп берет.

Соңунда муниципалдык кызмат маселелери боюнча жыйнак чыгаруу тууралуу сунуш киргизгим келет. Ал өзүнө теориялык бөлүктү (сынактык программа боюнча суроо–жоопторду) жана практикалык бөлүктү (муниципалдык кызмат маселелери боюнча болгон тажрыйбаны) камтымак. Муниципалдык кызмат жана муниципалдык кызматчылар өлкөбүздүн шаарларын жана айылдарын өнүктүрүү ишине олуттуу салым кошо алат жана кошуш керек. Эгерде биз жалпы аракеттер менен алдыга коюлган тапшырмаларды аткара алсак, анда өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымыбызды кошкон болобуз.

**Редакциянын корутунду сөзү**

Автордун айрым сунуштарын жалпысынан колдоо менен "Муниципалитет" журналынын редакциясы кубануу менен кабарлайт: Өнүктүрүү саясат институту тесттеги суроолордун жоопторун камтыган муниципалдык кызмат боюнча окуу китебин даярдап жатат жана ал 2015–жылдын соңунда – 2016–жылдын башында жарык көрөт деп пландалууда.

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА** тарабынан даярдалды

## Жер ресурстарын башкаруу: прогресс, көйгөйлөр, перспективалар

2015–жылдын жазында Бишкекте жер ресурстарын жана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча актуалдуу маселелер каралып чыкты. Талкуу өткөрүү демилгесин “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ) алкагында, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча эксперт Болот АСАНАКУНОВдун жана LBD – consulting уюмунун эксперти Венера БОЛТОБАЕВАнын катышуусу менен Өнүктүрүү саясат институту көтөрдү.

Маселелер жана тегерек столдун уюштуруучулары алдына койгон тапшырмалар КР Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, ЖӨБ орган жетекчилеринин жана айрым муниципалитеттердин айылдык кеңештеринин депутаттарынын, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБЭММАнын, ММКнын жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусунда каралды.

Тегерек столдун жүрүшүндө  Венера БОЛТОБАЕВА катышуучуларга АЖМА жерлерин башкарууга, калктуу конуштардын жерлерин башкаруу жаатында, жерлердин трансформациялоого байланышкан көйгөйлөргө, ошондой эле түшүмдүүлүгү аз айыл чарба жерлерин өздөштүрүү жаатындагы көйгөйлөргө сереп жасады.

Муниципалдык башкаруу чөйрөсүндөгү эксперт Болот АСАНАКУНОВ “Муниципалдык менчикти башкаруу” темасын сунуштады. Баяндама ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун пилоттук муниципалитеттериндеги кочингди изилдөөнүн конкреттүү жыйынтыктарына арналды. Аны менен катар муниципалдык менчикти башкаруу процесстерин жөнгө салган мыйзамдарга, муниципалитеттерде муниципалдык менчикти эффективдүү жана айкын башкарууга байланышкан көйгөйлөрдү чечүү маселесине жана аспаптарына сереп жасалды.

Көл–Төр муниципалитетинин айыл өкмөт башчысы Кубанычбек АЗИЗОВ талап кылынбаган жерлерден көп жылдан бери топтолуп келаткан жер салыгын жыйноодо өнбөгөн калдык тууралуу айтып берди: “Талап кылынбаган жерлерге жер салыгы боюнча жыйымдын планы орнотулат, бирок ал аткарылбайт. Өз маалында жер реформасы жүрүп, анын жүрүшүндө жерлер жер үлүштөрүнө бөлүштүрүлгөн. Бирок алардын ичинен көбү бүгүнкү күндө иштетилген жок. Жерлерди трансформациялоо көйгөйүнө да токтолгум келүүдө. Биз – муниципалитет тараптан жер участокторун бир категориядан экинчисине, адатта жеке турак жай курулушу үчүн каралган жерлер категориясына которуу боюнча документтердин пакети даярдалууда. Документтер топтому Республикалык комиссияга жиберилет. Бирок кайра байланыш жок, маселелер жылдар бою чечилбей келатат”.

“Агрогоризонт” долбоорунун өкүлү Тамчыбек ТҮЛЕЕВ бүгүнкү күндө жер ресурстарын башкарган бирдиктүү мамлекеттик орган болбогонун белгиледи. Бирдиктүү орган өзүнө жер ресурстарын





эффективдүү колдонууга, ошондой эле укуктарды мамлекеттик каттоого көзөмөл жүргүзүү боюнча бардык функцияларды айкалыштырыш керек. Анын айтымында, ижара акысынан түшкөн акчанын 10% ошол жерлерди жакшыртууга түшүш керек. Бирок бүгүнкү күндө бул норма аткарылбай келатат.

Юрьевка АӨ башчысы Бек ЖЕКШЕНБАЕВ кароосуз калган жерлерди тариздөөгө байланышкан мисалды келтирди: "Биздин айылда бүгүнкү күндө кароосуз жаткан жүздүн тегерегинде жер участоктору бар. Биз ошол жерлерди кароосуз калды деп танып берүү үчүн Мамкаттоо органдарына бир нече жолу кайрылдык. Бирок ал жакта ошол участоктордун менчик ээлери турган жердин дарегин же өлгөнү тууралуу аныктама катты талап кылышууда. Биз бул документтерди бере албайбыз. Анткени бул жерлер 2000–жылдардын башында эле берилген. Бул жерлерди биз 1 жылдык мөөнөткө суратып алганга чейин кыска мөөнөттүү ижарага берип келебиз. Бирок ижарадан түшүүлөр жогорулаганда ижара акысы да жогорулайт. Эсептөө палатасынын органдары жана прокуратура эмне үчүн биз ошол жерлерди кароосуз деп тариздебей келатканыбызды сурашууда".

Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин директору Нарынбек ИСАБЕКОВ Жер кодекси жеке менчик институту киргенге чейин кабыл алынганын белгиледи. Ошондуктан Жер кодексине өзгөртүүлөр реактивдүү ыкма менен киргизилип жатат. Мунун натыйжасында бир топ көйгөйлөр пайда болду. "Биз Мамлекеттик актыларды – "кызыл" жана "көк" китепчелерди жоюу тууралуу сунушту даярдап жатабыз. Бул болсо кезекке жана тариздөөгө убакыт коротпостон, ар бир адам компьютерден документти басып чыгара алышы үчүн жасалууда".

Тегерек столдун жыйынтыгы боюнча катышуучулар Резолюция кабыл алышты. Ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө чукул арада төмөнкүлөрдү ишке ашырууну сунуштайт: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жер ресурстарын жана муниципалдык менчикти башкаруу маселелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына анализ жүргүзүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон жер ресурстарын башкаруу жаатындагы колдонуудагы мыйзамдарындагы карама–каршылыктарды жана кенемтелерди жоюуга багытталган мыйзам долбоорлорун даярдап, Жогорку Кеңешке белгиленген тартипте киргизүүнү; АЖМФ жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу Типтүү жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу КР Мыйзам долбоорун иштеп чыгып, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүүнү. Аталган Жобо КР Жогорку Кеңешинин 2007–жылдын 29–июнундагы №1997–III токтому менен бекитилген жана төмөнкүлөрдү караштырат; Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна кирген жерлерди берүүдө лотторду жана баштапкы ижара акысын аныктоо методикасын; Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна кирген бузулган жер участокторун берүүнүн тартибин; Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна кирген жер участокторун үрөн өстүрүүчү, уруулук, эксперименталдык ж.б. чарбалыктарына берүүнүн тартибин; "Трансформациялоо жөнүндө" КР Мыйзамына жана республикалык комиссиянын жер участокторун которуу тууралуу арызды кароо тартибин жөнгө салган жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө Убактылуу жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу КР Мыйзам долбоорун иштеп чыгууну жана аны КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүүнү.

## Административдик бузуулар жана аксакалдар соттору

2015–жылдын жазында Бишкекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (комиссияларынын) административдик жаза–чара колдонуу жол–жобосун жакшыртуу темасы талкууланды. Талкууга 40ка жакын киши катышты. Алардын арасында КР Жогорку Кеңешинин вице–төрагасы жана депутаттары, мамлекеттик органдардын, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, аксакалдар соттору, ММК жана жарандык коом уюмдары болду. Талкууну КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жана "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту демилгелеп, уюштурду.

Уюштуруучулардын айтымында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары) тарабынан административдик жаза чара колдонуусунун жол–жобосун жакшыртуу жана аксакалдар сотунун дараметин жогорулатуу боюнча чечим кабыл алуу талкуунун соңку максаты болду.

Иш–чаранын негизги баяндамачылары төм. болду: Михаил ХАЛИТОВ, КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары) тарабынан административдик жаза чара колдонуусунун жол–жобосун жакшыртуу тууралуу айтты; ектурган ОРОЗБАЕВ, Өнүктүрүү саясат институтунун ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристи ЖӨБ органдарында административдик комиссиялардын ишин ирээтке келтирүүгө байланыштуу мыйзамдарды өркүндөтүү жолдорун сунуштады; Султан БАКАСОВ, ЖӨБЭММАнын укуктук камсыз-

доо бөлүмүнүн башчысы аксакалдар сотунун ишинде эффективдүүлүктү арттыруу жана алардын ишиндеги актуалдуу көйгөйлөрдү карап чыкты.

"Иш–чаранын уюштуруучулары катары биздин алдыбызда бир нече тапшырма турду, – деп айтып берди ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун улуттук деңгээлде иш алып баруу боюнча компоненттин менеджери Асель МАМБЕТОВА. – Биринчи кезекте биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары) тарабынан административдик жаза чара колдонуусунун көйгөйлөрүн, административдик комиссиялардын ишин жакшыртуу боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү маселелерин, аны менен катар Административдик жоопкерчилик тууралуу КР Кодекстеги ички карама–каршылыктарды, кенемтени, эскирген нормаларды ж.б. жоюу үчүн Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин талкууладык. Аларды жакшыртуу боюнча тиешелүү сунуштамалар берилди. Талкууга "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына караштуу административдик тартип бузуулар боюнча комиссиялар тууралуу" Типтүү жобонун долбоору чыгарылды. Аны болсо ӨСИнин адистеринин катышуусу менен ЖӨБЭММА иштеп чыккан.

Ошондой эле аксакалдар сотунун ишмердигиндеги көйгөйлөр, "Аксакалдар соттору жөнүндө" КР Мыйзамын өркүндөтүү маселелери, аксакалдар сотторунун дараметин жогорулатуу жана алардын материалдык–техникалык камсыздоо маселелери да талкууланды".

## Төрт өнөктөш муниципалитетте жамааттык мультимедиа борборлору түзүлдү




Жамааттык мультимедиа борборлору жамааттык маалымат каражаттарынын механизмдерин жайылтуу максатында түзүлгөн. Алар региондордогу жергиликтүү бийликтин социалдык көйгөйлөрүн жана ишинин сапатын баяндоочулар болуп эсептелет.

Буга чейин 2014–жылдын ноябрында Жалал–Абад жана Каракол шаарларында ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жана Жалал–Абад менен Ысык–Көл облустарынын жергиликтүү жамааттары үчүн практикалык семинарлар өткөрүлгөн. Катышуучулардын жалпы саны 35 элеттик муниципалитеттен 68 кишини түздү. Өткөрүлгөн семинарлардын жыйынтыгы боюнча, катышуучулардын арасында "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) Долбоорунан техникалык жардам алууга сынак жарыяланды. Сынакка 11 табыштама түштү. Сынактык комиссия аларды карап чыгып өз бааларын берди. Натыйжада төрт муниципалитетке техникалык жардам көрсөтүү тууралуу чечим кабыл алынды:

- Ысык–Көл облусунун Тоң районундагы Улахол аймагына,
- Жалал–Абад облусунун Токтогул районундагы Жаңы–Жол аймагына,
- Жалал–Абад облусунун Тогуз–Торо районундагы Көк–Ирим аймагына,
- Жалал–Абад облусунун Тогуз–Торо районундагы Сары–Булуң аймагына.

Көрсөтүлгөн техникалык жардамдын жалпы суммасы 700 миң сомдун тегерегинде болду. Муниципалитеттерге жардамдын алкагында борборлордун толук кандуу иштеп кетүүсү үчүн зарыл болгон жабдуу сатып алынды. Алар: компьютерлер, мультифункционалдык түзүлүштөр, ноутбук, проектор, мультимедиа–студиясынын комплекти, үн күчөткүчтөр, смартфондор, диктофондор, фотоаппарат, USB–модем ж.б.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекбо-

лот БЕКИЕВдин айтымында, борборлор чечим кабыл алган адамдарга жергиликтүү көйгөйлөр жана жетишкендиктер тууралуу маалымат берүүгө көмөктөшмөкчү: “Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттары негизги көңүлдү саясий жана ишкер чөйрөлөрдүн пикирлерин чагылдырууга бурат. Ошол эле маалда жамааттагы көйгөйлөр обочодо кала берүүдө. Мындан улам ишенимдүү, тең салмактуу, жаңы маалыматты жеткирген жергиликтүү булакка болгон муктаждык укмуш чоң. Иши адамдардын жашоосун жакшыртууга кызыкдар болгон бардыгы менен социалдык өнөктөштүк принциптерине негизделген ММК өтө зарыл. Азыркы учурда бул ролду жамааттык маалымат каражаттары аткарууда. Анткени алар жалпысынан жамааттагы жашоону жакшыртуу үчүн жергиликтүү социалдык мааниге ээ болгон көйгөйлөрдү биргелешип (аудитория менен) чечүүгө багытталган”.

2015–жылдын апрель айында Жалал–Абад жана Ысык–Көл облустарынын аймагында төмөнкү төрт жаңы жамааттык мультимедиа борборлорунун ыктыярчылары жана координаторлору үчүн практикалык жана техникалык семинарлар өткөрүлдү:

- “Көк–Ирим” ЖМБ, Арал айылы, Тогуз–Торо району, Жалал–Абад облусу
- “Сары–Булуң” ЖМБ, Кара–Суу айылы, Тогуз–Торо району, Жалал–Абад облусу
- “Миң–Дөбө” ЖМБ, Кызыл–Туу айылы, Токтогул району, Жалал–Абад облусу
- “Улахол”№ ЖМБ, Кара–Талаа айылы, Тоң району, Ысык–Көл облусу.

Катышуучулардын жалпы саны 4 жамааттык мультимедиа борборунан 22 кишини түздү. Алардын ичинен 15и – аялдар.

Семинарлар заманбап маалыматтык–коммуникациялык технологияларды колдонуу менен жергиликтүү жамаатта болуп жаткан окуяларды тең салмактуу чагылдыруу үчүн элеттик кабарчылардын дараметин жогорулатуу максатын көздөдү. Жамааттык ММК ассоциациясынын (ЖММКА) тренерлери Назира ЖУСУПОВА, Айзада КАЛКАНБЕКОВА жана Сабыр АБДУМОМУНОВ мобилдик маалыматтык–коммуникациялык технологиялардын (МКТ) жардамы менен маалымат даярдоо жана жеткирүү боюнча элеттик кабарчылар үчүн мастер–класс өткөрүштү.

Окуу процессинде катышуучулар WordPress тиркемеси менен иштегенди, блог жазганды жана подкасттарды түзүп, мобилдик телефонго MP3 жазуу процесстерин, аудио файлдарды редакциялоо жана даярдоо элементтерин үйрөнүштү.

“Ар бир борбор үчүн kloop.kg блог платформасында атайын блог ачылды. Ал болсо kyrgyzmedia.com дегенге байланган, – деп айтып берди ЖММКАнын директору, тренер Назира ЖУСУПОВА. – Ушинтип тууралап койгондо маалыматтык материалдар смартфон – wordpress (сүрөттөр, тексттер) жана стационардык компьютер же ноутбук аркылуу орус жана кыргыз тилдеринде чыга баштайт. Буга кошумча калкты твиттер–жибермеге телефон аркылуу жазып коюу боюнча сессия өткөрүлдү. Бул болсо аны байланыш үчүн кошумча ресурс катары колдонууга жол ачат. Биз твиттерге каттоо үчүн атайын SIM–карталарды сатып алдык. Ага кошулган элеттиктер айылда болуп аткан кабарларды, чукул кулактандырууларды жана жергиликтүү жарнамаларды өз телефонуна бекер эле алып турушмакчы”.

Мындан тышкары семинарлардын жүрүшүндө ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун техникалык колдоосу менен сатып алынган ар бир дабдуу менен практикада таанышууга атайын сессиялар каралды.

“Улахол” ЖМБнын координатору Медер БЕЙШЕЕВдин айтымында, эми алар көп нерсеге башкача көз менен карай баштады: “Тренингден кийин мен ушундай мультимедиялык борборлор элеттиктердин маалыматка жеткиликтүүлүк боюнча укуктарын коргоого жардам берерин түшүндүм”.

“Миң–Дөбө” ЖМБнын координатору Айжан УСЕНКАНОВА башталган демилгени андан ары улантып кеткиси келет: “Биздин айылда көптөгөн таланттуу жаштар бар. Алар үчүн биздин борбор журналисттик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк болуп калды. Биздин ыктыярчылар атактуу жана таланттуу журналист болуп жетилерине үмүт артам. Биз муну менен токтоп калбайбыз. Келечекте жамааттык радио ачууну пландап турабыз”.

Өткөрүлгөн семинарлардын жыйынтыгы боюнча, 17 материал даярдалып, алар www.kyrgyzmedia.com сайтына жарыяланды.





# Масы муниципалитетинин ЖӨБ органдары жаштарына чакан футбол аянтчасын тартуулашты



2015–жылдын 1–майында Жалал–Абад облусунун Ноокен районундагы Масы айылында чакан футбол аянтчасынын расмий ачылышы болду. Бул долбоор Масы айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жашоочуларынын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында ишке ашты. Ал эми ага Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору колдоо көрсөттү. Масы айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Махмуд Маматовдун айтымында, футбол талаасын курууга муниципалитеттин бардык жашоочулары тартылды. "Үстүңкү бети жасалма чөп менен жабылган, көлөмү 20х40 метр болгон мини–футбол талаасы биздин биргелешкен аракетибиздин жыйынтыгы, – деп айтып берди АӨ башчысы. – Биздин алдыбызда милдет турган – балдарыбыздын ден соолугу бекем болуп, спорт жана дене тарбия менен алектениши үчүн аларга шарт түзүп берүү. Өз футбол талаасына ээ болуу биздин көптөн берки кыялыбыз болчу. Швейцариялык долбоордон сынак тууралуу угуп, биз айылда чогулуш өткөрдүк. Анын жүрүшүндө көпчүлүк жашоочулар мини–футбол талаасын куруу долбоору үчүн добуш беришти. Мына ушул табыштама менен сынакка катышып, анын жыйынтыгында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору бизге 1 млн. сом бөлүп берди. Албетте бул сумма жетишсиз болчу жана биз жергиликтүү бюджеттен 1 351 128 сом көлөмүндө өз салымыбызды коштук. Калкыбыз да четте карап турбастан эмгек салымы түрүндө (60 000 сом) өз салымын кошту". Муниципалитеттин башчысы кыска мөөнөттүн ичинде жер бөлүп берүү маселеси чечилип, анын тегереги курчалганын белгиледи. Андан соң айыл өкмөтү тендер өткөрүп, анда жеңүүчү подрядчы уюм болуп "Авангард жана КО" ЖЧКсы табылды. "Эми футбол талаасы балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин карамагына өткөрүлүп берилет. Ал болсо райондук деңгээлдеги спорттук иш–чараларды өткөрүүнү пландоодо", – деп сөзүн жыйынтыктады Маматов.

# ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун колдоосу менен дагы бир муниципалдык сайт иштей баштады

Жаңы–Жол айылдык аймагы Жалал–Абад облусунун Аксы районунунун чегинде жайгашкан. Жалпы аянты 10 829 гектарга барабар болгон муниципалитеттин курамына 4 айыл кирет. Ал эми үй кожолуктарынын жалпы саны 1450гө жетет. 2014–жылдын этегинде "Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамын аткаруу үчүн муниципалдык сайтты ачуу тууралуу өтүнүч менен ЭҮЖӨБОЖ Долбооруна Жаңы–Жол айылдык аймагынын ЖӨБ органдары кайрылды.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун техникалык колдоосу менен 2015–жылдын май айынан баштап иштей баштаган www.janyjol–aksy.kg сайты иштелип чыкты. 2015–жылдын 4–майында Бишкекте муниципалдык сайтты башкаруу боюнча Аксы районунун Жаңы–Жол муниципалитетинин сайтынын администраторлору үчүн практикалык семинар өттү.

Weltkind's WebWorks студиясынын тренер–дизайнери, иштеп чыгуучу компаниянын кызматкери Жибек ТУРГАНБАЕВА катышуучуларга сайт үчүн материалдарды даярдаганды, бөлүмдөрдү өз алдынча жаңылаганды, редакциялаганды, жайгаштырганды, ошондой эле социалдык тармактар менен иш алып барганды практикада көрсөтүп берди.

# Чоң–Сары–Ой айылында Улуу Ата Мекендик согуштун баатырлары үчүн тургузулган эстелик калыбына келтирилди

2015–жылдын 9–майында Ысык–Көл облусунун Ысык–Көл районундагы Чоң–Сары–Ой айылындагы мемориал–комплексте Жеңиш күнүнө арналган иш–чара өттү. Анын алкагында Улуу Ата Мекендик согуштун баатырларына тургузулган эстелик кайрадан ачылды. Эстеликти калыбына келтирүү боюнча иштер Швейцария Өкмөтү жана Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги өнөктөштүктө каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) Долбоорунун колдоосу алдында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү жашоочулардын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында ишке ашты. Улуу Ата Мекендик согуш маалында Чоң–Сары–Ой айылынын 173 тургуну фронттон кайтып келген эмес. Согушта курман болгон жоокерлердин элесине 1969–жылы азыркы аймактын чегинде уулун согушка узатып жаткан эненин эстелик–монументи тургузулган. Бирок бара–бара эстелик жана анын тегереги кароосуз калган эле, бул болсо аны начар абалга алып келген.

Демилгелүү топ эстеликти калыбына келтирүү идеясын көтөрүп чыгып, жергиликтүү жашоочулардын да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да колдоосуна ээ болду. Алар бул демилгени колдоп берүү өтүнүчү менен ЭҮЖӨБОЖ Долбооруна кайрылганда ал Чакан гранттар программасынын алкагында 1 млн. сом көлөмүндө каражат бөлүп берди. Жергиликтүү бюджеттен да 100 000 сом бөлүндү. Айыл өкмөтү жумуштарды сатып алууга тендер өткөрүп, анын шартына ылайык, жумушчулар эненин айкелин жана анын айлана–тегерегин көрктөндүрмөк – жаңы тосмо орнотуп, электр жарыгын өткөрүп, отургучтарды даярдап, жолун оңдоп, көчөттөрдү отургузуу үчүн суу түтүк трубаларын ремонттош керек болчу. Эстеликти калыбына келтирүү иштерине жергиликтүү жашоочулар да жигердүү катышып, акысыз жардам беришти. Мисалы, Жусупбек ДЕКЕНБАЕВ өзүнүн жүк ташуучу машинесин колдонууга берсе, Уланбек ОСМОНОВ өзүнүн экскаваторун жана машинелер үчүн 20 литр күйүүчү май берди. Ыктыярчылар эски тосмону кулатып, аймактын тегерегин тазалоого жардам беришти. Бардык иштер өз ара макулдашылып, ынтымакта жасалып, жамааттын биримдигин бекемдеди. Эстеликти калыбына келтиргенден кийин айыл жашоочулары согушта көз жумган жоокерлердин элесине урмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, руханий баалуулуктарга тартылчу атайын жерди уюштурушту. "Долбоорду ишке ашырып жаткан маалда баалуу тажрыйбага ээ болдук. Биз баарыбыз айыл тургундарын маселелерди чечүүгө тартып, алардын демилгелерин колдоп, башкача айтканда иштерди чогуу бүтүрүш керектигин түшүндүк. Айыл жашоочулары алардын кызыгуусу жана активдүүлүгү маанилүү болгонун баамдап калышты. Алар мындан ары да элеттик чогулуштарды, коомдук угууларды жана башка коомдук иш–чараларды уюштурууда туруктуу жигердүү катышат деп үмүт артабыз", – деди Чоң–Сары–Ой айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Максатбек САРБАГЫШЕВ.

# Бишкекте Чүй облусунун муниципалитеттери үчүн ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун расмий бет ачары өттү



2015–жылдын 15–майында Бишкекте Чүй облусунун элеттик муниципалитеттери жана чакан шаарлары үчүн "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ) расмий бет ачары өттү. Долбоорду Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. Бет ачарга КР Өкмөт аппаратынын, КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин, Швейцария Элчилигинин, донордук жана жергиликтүү уюмдардын өкүлдөрү, журналисттер, Чүй облусунун элеттик жана чакан шаардык муниципалитеттеринин башчылары катышты. Чүй облусунун ЖӨБ органдарынын жетекчилери Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунуу өнүктүрүү маселелерин карап чыгып, долбоор менен кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат алышты.

Долбоордун бет ачарына арналган иш–чаранын расмий бөлүгүн ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ ачты. Ал катышуучуларга Долбоор менен кызматташуунун келечеги тууралуу



айтып берип, максаттуу (пилоттук) муниципалитеттерди тандап алуунун критерийлерине токтолду. “Калкты жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тартууга көмөктөшүү, калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы диалогду орнотуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууда калктын керектөөлөрүн эсепке алуу – биздин долбоордун максаты. Ошондой эле ЖӨБ органдарына техникалык колдоо көрсөтүлөт, анын ичинде артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн сынактын негизинде гранттык колдоо болот. Гранттык колдоонун өзгөчөлүгү – бул программа “инвестициялык машыктыргыч” катары кызмат өтөп, ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттен инвестицияларды башкаруунун көндүмдөрүн жакшыртууга жол берет. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун ишке ашыруу бир нече фазага бөлүнгөн. Долбоордун I фазасы Жалал–Абад жана Ысык–Көл облусунун муниципалитеттеринде 2012–жылдын апрель айынан 2015–жылдын мартына чейин аткарылган. II фаза Чүй облусунун муниципалитеттерин 2015–жылдын апрелинен 2017–жылдын мартына чейинки мезгилде камтыйт. Андан кийин аларга Нарын жана Ош облусунун ЖӨБ органдары кошулат”.

Саламдашуу сөзүндө КР Өкмөт аппаратынын жетекчисинин орун басары, уюштуруучулук–инспектордук иш жана ЖӨБ боюнча бөлүмдүн жетекчиси Алтынбек ЭРГЕШОВ Швейцария Өкмөтүнө эки өлкөнүн кызматташтыгынын алкагында көп жылдардан бери жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндө көрсөтүп келаткан жардамы үчүн ыраазычылыгын билдирди. Ишке ашырылып жаткан долбоорлордун ийгиликтерине токтолуп, ал Долбоордун ЖӨБ чөйрөсүндөгү ченемдик–укуктук актыларды иштеп чыгууга кошкон салымын да белгилеп өттү.

КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин жаңы директору Бакыт РЫСПАЕВ да аталган долбоорду ишке ашырып келаткан Өнүктүрүү саясат институтуна ыраазычылыгын билдирди. “Ысык–Көл облусунун Тоң районунун акими болуп иштеп жатканда көптөгөн элеттик муниципалитеттер өзүнүн өзөктүк көрсөткүчтөрүн жакшыртып алган. Эми бизде өнөктөштүгүбүздү өнүктүрүүгө жана жакшыртууга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр болот деп ишенем”, — деп белгиледи Мамагенттиктин директору.

Өз кезегинде Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Кызматташтык боюнча директорунун орун басары Реми ДУИВЕН Долбоор өткөн 3 жыл ичинде Жалал–Абад жана Ысык–Көл облустарынын элеттик муниципалитеттери менен кызматташкандагы ийгиликтерин жана жетишкендиктерин белгиледи. Ошондой эле ал Чүй муниципалитеттери менен да кызматташтык ушундай эле жемиштүү болот деген үмүтүн артты.

Андан кийин Долбоордун кызматкерлери Долбоордун максаттары жана тапшырмалары, аларга жетүүнүн жолдору жана механизмдери тууралуу маалымат беришип, ЖӨБО үчүн өзгөчө актуалдуу болгон маселелерди КР ЖК, КР Өкмөтү, министрликтер жана ведомстволор, КР Мамлекеттик кадр кызматы жана башка мамлекеттик органдар менен өнөктөштүктө изилдөө, талкуулоо жана чечүү боюнча маселелерди айтышты. Мындан тышкары бардык катышуучуларга Долбоор, анын максаттары жана тапшырмалары, мүмкүнчүлүктөрү жана ишке ашыруу пландары тууралуу маалыматты камтыган таратып берме материалдар тапшырылды; ар бир катышуу үчүн Долбоордун сынактары тууралуу жоболордун, табыштаманын формаларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик–укуктук актылардын жана башка документтердин акыркы редакцияларынын электрондук версиясы камтылган атайын компакт–диск даярдалды.

Бет ачардын соңунда катышуучулардан көптөгөн суроолор түштү. Алардын баарына Долбоордун кызматкерлери жооп берүүгө аракеттеништи.

Өз демилгеси менен сөз сүйлөгөн Чүй облусунун Ысык–Ата районундагы Ивановка муниципалитетинин АӨ башчысы Мурат БАЙДЫЛДАЕВ “башында баары кыйналат, бирок жыйынтыгы көпкө куттүрбөйт”, — деп эскертти. “Бул жерде кеп гранттык миллион сомдо эмес! Жок. Силер андан да көптү аласыңар”, — деди ал.

2015–жылдын 9–июнунда Бишкекте Чүй облусунун элеттик муниципалитеттеринин жана чакан шаарларынын арасында жарыяланган сынактын жыйынтыгы чыгарылды. Сынакты Долбоор 2015–жылдын май айында расмий бет ачарынын жүрүшүндө жарыялаган эле. Баары болуп сынакка облустагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан 44 табыштама түштү.

Сынактык комиссиянын курамы: КЫДЫРАЛИЕВ З.Т., КР финансы министринин кеңешчиси; ИСАЛИЕВА В.А., КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин Жергиликтүү башкаруу органдары менен иштерди уюштуруу жана өз ара аракеттенүү башкармалыгынын жетекчиси; БАКИРОВ Ж.Ж., КР Өкмөт аппаратынын уюштуруучулук–инспектордук иш жана ЖӨБ боюнча бөлүмдүн ЖӨБ секторунун жетекчиси; ДОБРЕЦОВА Н.Н., Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы; ГРАДВАЛЬ С.А., “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жетекчисинин орун басары.

Комиссия белгиленген тартипке ылайык түшкөн бардык табыштамаларды карап чыгып, Чүй облусунун 11 айылдык аймагын жана 1 чакан шаарын максаттуу муниципалитеттер катары тандап алууну чечти. Алар:

- Таш–Мойнок АА, Аламүдүн району
- Гроздь АА, Аламүдүн району
- Ак–Башат АА, Жайыл району
- Боролдой АА, Кемин району
- Кемин ш., Кемин району
- Александровка АА, Москва району
- Фрунзе АА, Панфилов району
- Кунтуй АА, Сокулук району
- Кызыл–Туу АА, Сокулук району
- Бурана АА, Чүй району
- Юрьевка АА, Ысык–Ата району
- Кочкорбаев АА, Ысык–Ата району

Тандалып алынган муниципалитеттердин ЖӨБ органдары менен алдыда болчу кызматташтыктын алкагында 2015–жылдын апрель айынан 2017–жылдын артына чейинки мезгил аралыгында Долбоор тарабынан калкты жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тартууга көмөктөшүү боюнча иштер жүргүзүлөт. Долбоордун ишмердиги калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда диалог түзүүгө, жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууда калктын керектөөлөрүн эсепке алууга багытталат.

## Финансылык сабаттуулук боюнча Жайкы мектептин 2015–жылдагы катышуучулары болуп тандалган эссе сынагынын катышуучуларын куттуктайбыз!

20015–жылдын 1–майынан 15–майына чейин Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 8–11–класстарынын өз регионунда финансылык агартуу лидери болууга даяр жигердүү окуучулары арасында “Фин–Билим–Сити” Жайкы мектебине катышуу үчүн сынак өттү. Жайкы мектеп 2015–жылдын 2–июлунан 13–июлуна чейин Ысык–Көлдөгү “Good Lake” пансионатында өтөт.

Дилбаян сынагына баары болуп 37 муниципалитеттен 220 табыштама түштү. 2015–жылдын 25–майында Жайкы мектептин уюштуруучулары – Өнүктүрүү саясат институту жана Билим берүү демилгелерин колдоо фонду – сынактын жыйынтыгын чыгарып, ага ылайык Кыргызстандын бардык облустарынан жана Бишкек шаарынан 37 бала тандалып алынды, дагы 17 бала резервдик тизмеге кошулду.

Жайкы мекте “Фин–Билим–Сити муниципалитети” жана “Эвергриния Республикасы” бириктирилген лагерлер форматында өтөт. Лагерде медициналык кызматкер, коопсуздук кызматы, педагог–кураторлор иштейт жана ар бир баланы толук көзөмөлгө алып, көңүл бурушат. Уюштуруучулар балдарды төрт жолку тамактануу жана ыңгайлуу пансионат менен камсыздайт. Мектеп программасына финансылык сабаттуулук маселелерине окутуу, маданий программага, өздүк көркөм чыгармачылыкка, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине, кызыкчылыктар менен бириккендердин ийримдерине катышуу кирет.

Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВАнын айтымында, бул жылы дилбаяндар сабаттуу жазылып, тема кенен ачып берилгени менен кубандырды. “Бул жылы катышкандардын саны таң калтырды. Айталы, 2014–жылы сынакка 166 дилбаян түшкөн. Мындан тышкары дилбаяндардын мазмунунда финансылык сабаттуулук деңгээли кубандырды. Өткөн жылы сынак боюнча тандалып алынган жана атайын даярдыктан өткөн педагог–кураторлор чоң иш жасаганы көрүнүп турат. Кийинки жылы мындан да көп балдарды тарта алабыз деп ишенебиз. Анткени ийгиликтүү болуу үчүн жалпы билим берүү предметтери боюнча мектептеги билимдер жетишсиз болот. Өз акчаңды кантип башкаруу керектигин билиш керек. Бардык жерде адамга финансы тууралуу билим зарыл! Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мыйзамдар ата–энени балдарына күн сайын акча берип турууга милдеттендирет. Ошондуктан ата–эне мектепке чейинки курактагы балдарды акчасын туура сарптаганга, өз чыгашаларын пландаганга үйрөтөт. Кыргызстанда болсо дээрлик эч ким балдарды финансыны башкарууга үйрөтпөйт. Бойго жеткенде кечээ күнкү окуучу жеке бюджетин пландоону, эс алууга, дарылануга, билим берүүгө акча чогултканды билбейт. Өзүн жана болочоктогу балдарын финансы жагынан коргой албайт. Эгерде мектептен эле финансылык сабаттуулугун жогорулата баштабаса, чоңойгондо ийгиликке жете албайт”.

“Фин–Билим–Сити” Жайкы мектеби оюн форматында өтүп, катышуучулар муниципалитетте

жашап, жарандык компетенцияга, жеке жана муниципалдык финансыны башкарууга үйрөнүшөт. Мектеп швейцария Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) финансылык колдоосу алдында өтөт.

## Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын 27 айылдык аймагында 2016-жылга бюджетти түзүү боюнча коомдук угуулар өтөт

2015–жылдын 5–июнунан 20–июнуна чейинки мезгил аралыгында Ысык–Көл жана Жалал–Абад облустарынын элеттик муниципалитеттери 2016–жылга жергиликтүү бюджеттердин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрөт. Угуулар жергиликтүү бюджеттердин 2016–жылга чыгашаларын жана кирешелерин пландоо процессине калкты тартуу максатында өткөрүлүүдө. Угуулар жарандарга жергиликтүү бюджет деген эмне экенин, ал кантип түзүлүп, кантип сарпталарын түшүнүүгө жардам берет. Бирок бюджетти пландоодо жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу ЖӨБ органдарынын маанилүү милдети болуп эсептелет. Мисалы, бул жылы кайсы жолду ондош керек, ал эми кийинки жылы кайсынысын ремонттосо болот? Кайсынысы маанилүү – мектеп стадионунун тегерегин курчообу, же китепкананын ремонтубу? Мындай чечидер жергиликтүү жамаат менен кеңешкенден кийин гана кабыл алынууга тийиш! "Бюджетти түзүү боюнча ушул өңдүү коомдук угуулар "Бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" КР мыйзамына ылайык өткөрүлөт. Бул мыйзамды аткаруу процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кийинки жылга жергиликтүү бюджеттин баштапкы долбоорун түзүп чыгышат жана жергиликтүү калктын катышуусу менен бюджетти түзүү боюнча коомдук бюджеттик угууларды (мындан ары – КБУ) өткөрөт, – деп айтып берди "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ. – Коомдук угуулар өнөктүгүнөн кийин Жалал–Абад жана Ысык–Көл облустарынын ЖӨБ органдарында "Жарандардын бюджеттик процесске реалдуу катышуусу" сынагына катышуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Бул сынактын жылдык байге фонду 350000 сомду түзөт". Калкты жана жергиликтүү коомдук уюмдардын өкүлдөрүн мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу максатында ЖӨБ органдары атайын маалымат өнөктүгүн өткөрөт. Анын алкагында чакыруу баракчалары таратылып, пландалып жаткан иш–чара тууралуу кыска маалыматты камтыган плакаттар ар бир айылда илинет. Ал эми иш–чара өтчү күнү айыл өкмөтүнүн кызматкерлери мүмкүн болушунча көбүрөөк эффективдүүлүккө жетүү жана туура маалыматты жеткирүү үчүн беренелер боюнча бюджеттин кыскача сүрөттөлүшү менен атайын иштелип чыккан таратып берме материалдар таркатылат. Иш–чаралар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун консультациялык жана техникалык жардамы менен өткөрүлөт.

## ЖӨБ органдары: «Дем берүүчү грантты алууда жаңы талаптар биз үчүн айкын жана түшүнүктүү болуп калды»



2015–жылдын 9–июнунан 12–июнуна чейинки мезгил аралыгында Жалал–Абад, Ысык–Көл жана Чүй облустарынын чегинде "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандап алуу жана каржылоо" темасына бир күндүк окутуучу иш–чаралар өткөрүлдү. Окууга райондук администрациянын, элеттик жана шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шаардык кеңештердин, КР Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) 270 өкүлү катышты.

Окуу үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен Кыргыз Республикасынын шаарларынын жана айылдык аймактарынын инфраструктурасын жак-

шыртууга кошумча финансы ресурстарын тартуу боюнча билим жана көндүмдөрдү берүү максатында уюштурулган. Белгилей кетчү жагдай, ЭҮЖӨБОЖ Долбоору дем берүүчү гранттардын эсебинен долбоорлорду тандап алуу жана каржылоо боюнча окуу китептерин иштеп чыгууга түздөн түз катышкан. Ал китептер окуунун жүрүшүндө тартууланды.

КР Финансы министрлигинин дем берүүчү гранттар бөлүм башчысы Жибек ДҮЙШЕЕВАнын айтымында, окуунун жүрүшүндө катышуучуларга Өкмөттүн 2015–жылдын 21–апрелиндеги №230 "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттарынын эсебинен долбоорлорду тандап алуу жана каржылоо тууралуу Жобону жана долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча Нускаманы бекитүү жөнүндө" жаңы токтому тууралуу маалымат берилди. Буга кошумча катышуучуларга долбоорлорду тандап алуунун жана бекитүүнүн жол–жоболору, долбоорлорду тандап алуу жана бекитүү боюнча комиссиянын иши, даярдоонун жана аларды ишке ашыруунун жол–жоболору тууралуу маалымат берилди.

Катышуучулардын өздөрү болсо дем берүүчү гранттарды алуунун жаңы талаптары ЖӨБ органдары үчүн дагы да айкын жана түшүнүктүү болуп калганын белгилешти.

"Бизге жеңил жана кызыктуу болуп калды, себеби ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында биз бардык гранттык процесстен өттүк", – деди Көк–Таш айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Н. УМАРОВА.

Башка бир катышуучу – Торкен айылдык аймагынын АӨ башчысы М.КАДЫРКУЛОВдун айтымында, дем берүүчү грантты алуунун жол–жоболору айкын жана ыңгайлуу болуп калды: "Эгерде мурда чечимдер республикалык деңгээлде Финансы министрлигинде кабыл алынып келсе, эми болсо райондук деңгээлде комиссия түзүлүп, ошол чечим кабыл алып калды. Биз дем берүүчү грант боюнча сынакка катышабыз. ӨСИнин долбоорунан грант алгандар бул талаптарды жана жол–жоболорду билүүгө тийиш. Себеби ЭҮЖӨБОЖ долбоору да ушул өңдүү схема менен иш алып барат".

# Асанаалы АРЫКОВ: "Мен Ивановкада 60 жылдан бери жашайм, бирок мындай футбол талаасын көргөн эмесмин!"



Мына ушинтип кубанычын жашыра алган жок кубанычтуу окуянын катышуучуларынын алдында сүйлөгөн сөзүндө футболдун ардагери, Чүй облусунун Ысык–Ата районундагы Ивановка айылдык аймагынын ардактуу тургуну. Иш–чарага 150 киши катышты.

2 млн. 263,6 миң сомго бааланган чакан футбол талаасын Чүй облусунун Ысык–Ата районундагы Ивановка айылдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары донорлордун жана демөөрчүлөрдүн, жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен кура алышты.

2015–жылдын 16–июнунда КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын, Ысык–Ата райондук администрациянын, Ивановка ААнын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн, "Сайрон" коомдук уюмунун жетекчисинин, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун, жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана депутаттарынын, жергиликтүү жашоочулардын жана журналисттердин катышуусунда объекттин расмий бет ачары өттү.

Ивановка АӨ башчысынын орун басары Канатбек АЛИЕВдин айтымында, өзүнүн футболдук талаасында топ тебүүнү жергиликтүү жаштар гана эмес, айылдык аймактын бардык тургундары да көптөн бери кыялданып келген: "Биздин аймак өзүнүн спорттук жетишкендиктери жана атактуу спортчулары менен белгилүү. Бүгүн болсо биз биргелешкен аракеттер менен алдыга коюлган максатыбызга жете алдык. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору, "Сайрон" коомдук уюмунун жана жалпы аракеттер менен кыялды орундаттык. Бүгүн болсо жаңы ӨЗҮБҮЗДҮН футбол талаабызды ачуу үчүн ушул жерге чогулдук. Балдарыбыз республикалык да, дүйнөлүк да деңгээлдерде албан ийгиликтерге жетет деп ишенебиз".

КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын жана райондук администрациянын өкүлдөрү да жергиликтүү




жамаатты куттуктап, ЭҮЖӨБОЖ Долбооруна ыраазычылык билдиришти. Себеби ушул долбоордун алкагында Чакан гранттар программасынын линиясы боюнча “Спорт менен достошуу – ден соолукта болуу” долбоорун ишке ашырууга 400 000 сом бөлүнгөн. Ал эми “Сайрон” коомдук уюмунун жетекчиси “Массалык спорт аркылуу этностор аралык ынтымакка жетүү” долбоорун жазып, 500 миң сом көлөмүндө грант утуп алган.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ иш–чаранын катышуучуларына Ивановка айылдык аймагынын гранттык ийгиликтери жана жетишкендиктери тууралуу кыскача маалымат берди: “Бул футбол талаасы – Ивановка аймагынын ЖӨБ органдарынын жалгыз жетишкендиги эмес. Биз бул муниципалитет менен 2012–жылдан бери кызматташып келатабыз жана ошондон бери АӨ аппараты жана жергиликтүү кеңеш жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү менен биргеликте жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча бир катар долбоорлор ишке ашырылды. Биз биргелешкен аракеттерибиз келечекте да улана берет деп чын жүрөктөн ишенебиз”.

“Биз да четте карап тура алган жокпуз, – деп сөз алды Ивановка ААнын айылдык кеңешинин төрагасы. – Жергиликтүү бюджеттен да 1 млн. 363,6 миң сом бөлүнгөн. Жалпысынан бул жаңы аянтчага 2 млн. 263, 6 миң сом багытталды. Бул майрам менен биз баарына биргелешкен аракеттер менен чоң жыйынтыктарга жетүүгө боло турганын көрсөткүбүз келди. Мунун далили – кубанычыбыздын себепчиси болгон объект – жаңы футбол талаасы. Биздин аймакта 8 команда футбол ойнойт, алар 6 жаштан 60 жашка чейинки курактагылар жана бүгүн арабызда турушат. Спорт үчүн жаш курактын мааниси жок. Биз баарыбыз спорт менен алектенип, ден соолукта болушубуз керек. Учурдан пайдаланып, бардык жашоочуларга, өзгөчө жаштарга талаанын курулушунун жүрүшүндө кайдыгер эмес мамиле жана жигердүү жардам үчүн ыраазычылыгымды билдиргим келүүдө. Ыраазычылыгыбызды спорттун жана өз айылынын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн Ардак грамотасы менен билдиргибиз келди”.

Андан ары куттуктоо сөздөрүн жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү айтып, айылдын жигердүү жашоочуларына Ардак грамоталары жана донорлорго ыраазычылык билдирген сертификаттар тапшырылды. Ардак грамота менен сыйлангандар: Асанаалы АРЫКОВ, футболдун ардагери; Вахобжон РАСУЛОВ, “Сайрон” коомдук уюмунун жетекчиси; Каныбек ЖЕКШЕНОВ, жаштардын өкүлү; Анвар ВОИНОВ, жаштардын өкүлү; Бекболот БЕКИЕВ, “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жетекчиси.

Расмий бөлүк аяктагандан кийин символикалык кызыл тесме кесилип, алгачкы символикалык гол киргизилди. Чогуу түштөнгөн соң биринчи достук матчы өтүп, байге фонду 6000 сомду түздү.





# Пенсионерлер “Согуштун балдары” статусун алышабы?

**Валентина ЖИТЕНЕВА,**
“Жакшы күчтөр биримдиги” КУнун төрайымы

**Майрамдык салюттар атылып, аянттан легендарлуу машинелер өтүп, ардагерлер ордендерге жык толгон параддык кийим–кечесин кайрадан катышты. Улуу Жеңиш майрамы аяктады. Бирок карылар кала берди. Фронтко баргандар гана эмес, ооруктa жеңиш үчүн күрөшкөн гана эмес, балалыгы согуш жылдарына туура келгендер, эрте эрезеге толгондор, көптү көрүп, башынан бир топ кыйынчылыктарды өткөргөндөр, өмүр бою эмгектенип жүрүп, сыйлыктардан куру калган согуштун балдары да калды. Бир нече жылдан бери Валентин ЖИТЕНЕВА башында турган “Жакшы күчтөрдүн биримдиги” коомдук уюму улуулар менен кошо мойнуна адам көтөрө алгыс жүктү артып алган пенсионерлер үчүн “Согуштун балдары” статусун киргизүү үчүн кармашып келатат. Бирок пенсионерлерде үмүттүн шооласы өчүп бараткандай. “Муниципалитет” журналы кайсы бир саясатчы жок дегенде парламенттик шайлоонун алдында ушул маселени чечүүгө киришип калаар деген үмүт менен Валентина Григорьевнанын кайрылуусун басып чыгарууну чечти.**

Тилекке каршы АРДАГЕР түшүнүгү коомдо бир беткей калыптанып, өзүнө согуштун катышуучусун же майыбын, ооруктун ардагери дегенди гана кошот. Согуштун балдары, эмгек ардагерлери, ден соолугунун начардыгына карабастан беш жылдык планды 3 жылда аткарып, өлкөнү согуштан кийин талкаланган жылдары бутуна тургузган, белин бекем бууп, бардык кыйынчылыктарды жеңип чыккан советтик пенсионерлер  такыр эле унутта калды. Мисалы, 2013–2015–жылдары ЖЕҢИШТИН 70 жылдыгын майрамдоо боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Улуттук программасы тууралуу Жарлыгында согуштун балдары тууралуу сөз да болгон эмес. Бирок кыргызстандык үй–бүлөлөргө келген 95 миң кара кагаз республика канча уул–кызынан ажыраганын гана көрсөтпөстөн, атасыз, энесиз калган он миндеген балдардан да кабар берет.

Кыргызстанда согуштун балдары унутта калганы өтө акыйкатсыз иш болду. Ушул кезге чейин издөө отряддары согуш талаасында калган жоокерлердин сөөктөрүн таап, сый–урмат менен жерге берүүдө. Балким алардын арасында да балдары унутта кала берген кыргызстандык жоокерлер бар чыгаар. Бул балдар кара кагаз алган күндөн тарта ата–эненин мээриминен жана камкордугунан кур калышкан. Согуштун балдары ким болгонун түшүнүү үчүн жүрөктүн үшүн алган ошол төрт жылды баштан өткөрүү керек эле. Алар балалыгынан айрылды. Аталары майданга кетип, энелерин дээрлик көрчү эмес. Себеби алар күндөп–түндөп заводдордо, фабрикаларда, талааларда баш көтөрбөй иштешчү. Бул балдар алабатадан жасалган токочтун даамын, битти кетирүү үчүн баштарын шыбаган керосиндин жытын эч качан унутушпайт. Ачарчылыкты ушул күнгө чейин унута албай келишет. Алар ээ калган талаада машак, картошка терип, ооруканаларда жарадар болгон жоокерлерге ыр ырдап, картошканын кабыгынан шорпо жасап жүрүшкөн.

Талкаланган балалык кайтып келбейт деңизчи. Согуштун балдары тууралуу бардык деңгээлдеги бийликтин камкордугу баштан өткөн кыйынчылыктарды жарым–жартылай гана толуктай алмак. Беликата элек согуштун балдары ооруктун жарым жүгүн көтөрүштү. УЛУУ ЖЕҢИШТИН бир бөлүгү жана курмандыкка чалынган балалык, жоголгон күлкү, эрте агарган чач жана жетимчилик үчүн жупуну ыраазычылык мына ушул балдарга таандык эмес беле. Аман калгандар ден соолугунан ажырады. Жаш курагынан эрте чоңоюп алган согуштун балдары өлкөнүн өнөр жайын, айыл чарбасын, билим берүүсүн, медицинасын, маданиятын өнүктүрдү. Алардын бир ураань бар эле: “Адегенде Мекениңди, андан кийин гана өзүңдү ойло!”.

Кыргызстанда согуштун балдары такыр эле жок болуп кете элек, бирок мыйзамдарда алар жок. Кыргызстандыктардын бул категориясына Экинчи Дүйнөлүк согуш аяктаган күнү – 1945–жылдын 2–сентябрында 18ге толо электердин баарын киргизүү зарыл жана алардын жеңилдик статусун согуштун катышуучусу статусуна теңдештирүү керек. Эгерде Кыргызстан Конституция боюнча социалдык мамлекет болуп эсептелсе, анда биринчи кезекте социалдык жактан адилеттүү болууга тийиш!

Согуштун балдары, эмгектин ардагерлери, советтик пенсионерлер ардактуу эс алууга негизинен 90–жылдардын башында кете баштады. Алар кыскартылган пенсияны, акы үчүн медицинаны, өтө кымбат дары–дармекти, дарыланууну, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жогорку тарифтерди алышты. Кайра эле согуш жылдарындагыдай эч нерсеге жетпеген, кайдыгер жана алдамчылыкка жык толгон, тоёр–тойбос жашоо...

Эмгектин ардагерлери, советтик пенсионерлер – согуштун балдары тууралуу мыйзам долбоорунун таржымалы узак жылдардан бери уланып келатат. Бийликтен бир гана жооп угасың – акча жок болчу, азыр да жок. Ал эми Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары боюнча, жакырчылыктан Кыргызстанда жылына 20 000дин тегерегинде кары адам жарыкчылык менен кош айтышса, айрымдары өз өмүрүнө кол салууга чейин барат.

Соңку 15 жылдан бери жыл сайын биздин бирикме Кыргыз Республикасынын президентине, парламентке, өкмөткө жана Орусияга кайрылып, согуштун балдарынын өп–чап жашоосуна көңүл буруп коюуну өтүнүп келатат.

Тилекке каршы өлкө жетекчилиги бизди колдобой келатат. “Согуштун балдары” статусун белгилөө тууралуу көп жылдан бери Өкмөт жана Президент менен кат алышуулардын жыйынтыгы боюнча, биз, улуу муун мындан кийинки кат алышуулар маанисин жоготту деген тыянак чыгарышыбыз керек. Себеби азыркы бийлик өз идеологиясы боюнча согуш жылдардагы балдардын бир муунун социалдык коргоого алууну четке какты. Бул болсо эми саясий партия же коомдук уюм гана биздин талаптарды камтыган мыйзам долбоорун КР Жогорку Кеңешине талкууга чыгара алат дегенди билдирет.

Согуштун жана андан кийин жылдардын бардык тир укмуштарын башынан өткөрүп калган Согуштун балдары кайрадан эле жабырлангандардын катарында. Мамлекет бул маселени чечүүдө четке чыга берди. Биз согуштун эпкинин көрүп калган муун жеке кайгысы жана жеке камкордугу болуп эсептелген саясатчыларды издейбиз.

Эгерде кайсы бир саясий партия биздин максатыбызды аткаруу үчүн – согуштун балдарын жок дегенде минималдык алгылыктуу деңгээли менен камсыздоо үчүн өзүнө жоопкерчилик ала турган болсо, бул партия үчүн эмгектин бардык ардагерлери добуш берет. Бул партия менен “Жакшы күчтөр биримдиги” бирикмеси Кызматташтык тууралуу келишим түзөт. Бул согуш жылдарынын трагедиясын башынан өткөргөн муунду социалдык коргоо боюнча узак мөөнөттүү иш болот.

Айрым саясий партиялар коомдогу адеп–ахлакка байланышкан көйгөйдү көтөрүп чыгыш үчүн пенсияга 200–300 сомдон кошуп берүү, салык жеңилдиктери

жана ушул өңдүү ойлонуштурулбаган талаптарды коюп келишет. Эмгек ардагерлеринин бирикмеси саясатчыларга башка, өтө зарыл тапшырманы сунуштайт. Согуш балдары ошол жылдарды көңүлүндө түйүп калган акыркы адамдар катары совет элинин эрдиги тууралуу эс–тутум нөөмөтүн согуштун ардагерлеринен келечек муунга өткөрүп бериш керек. Бул максаттарга жетүү үчүн бирикме “Согуштун балдарынын” статусун тааныган саясий партия аркылуу Согуш балдарын коргоого; турак жайы болуп–болбогонуна карабастан төлөнчү мамлекеттик социалдык жардам берүүгө; согуш ардагерлери үчүн ооруканаларда дарылануу мүмкүнчүлүгүнө; шаардык транспорттун бардык түрүн, шаар сыртына каттачу, темир жол жана автобус каттамдарын бекер колдонууга; паспорту болсо “Согуштун балдары” статусун таануунун жөнөкөйлөштүрүлгөн схемасына багытталган демилгелерди ишке ашырууга көмөктөшөт. Бул муунга берүүлөрдү арнап, адабий, көркөм чыгармаларды басып чыгарып, скульптуралык эстеликтерди тургузуп, согуштун балдары үчүн төш белгилерин уюштуруу керек.

Биз, согуштун балдары, эмгек ардагерлери Жеңиштин 70 жылдыгын майрамдоонун алдында бакубат жашаган, оокаты тың кыргызстандыктарга, анын ичинде мамлекет жетекчилигине 15 согуштун баласын, бирикменин активисттерин моралдык жана материалдык жактан колдоп берүү өтүнүчү менен кайрылган элек. Башкача айтканда, жөн гана кайыр сурадык. Туш тараптан – жымжырттык! Ошондо өлкөдө ачарчылык жана жакырчылык өкүм сүрүп жаткан согуш жылдары, өзгөчө согуштан кийинки жылдары адамдар камкор жана боорукер болгонун эстедик.



Саясатчылардын арасынан кимдир бирөө жок дегенде Жогорку Кеңешке шайлоонун алдында “Согуштун балдары” статусу тууралуу мыйзам долбоорун өткөрүү менен алектенет деген үмүт кала берүүдө.

**Согуштун балдарынын, эмгек ардагерлеринин, пенсионерлердин тапшырмасы боюнча Кыргызстандын “Жакшы күчтөр биримдиги” эмгек ардагерлер бирикмесинин төрайымы Валентина ЖИТЕНЕВА**

# Социалдык өнүктүрүү министрине карыларга жардам көрсөтүү үчүн мобилдик ремонттук бригадаларды уюштуруу сунушталды

Бишкек – «24.kg» МА, 2015–жылдын 1–июлу, **Анастасия БЕНГАРД**

Социалдык өнүктүрүү министрине карыларга жардам көрсөтүү үчүн мобилдик ремонттук бригадаларды уюштуруу сунушталды. Бул тууралуу ведомствонун басма сөз кызматы кабарлады.

Маалыматтарга караганда, министр Кудайберген Базарбаев жана “Жакшы күчтөр биримдиги” эмгек ардагерлеринин коомдук бирикмесинин төрайымы Валентина Житенева кары–картаңдарга карата 2015–2017–жылдарга Калкты социалдык коргоо программасын ишке ашырууну талкуулашты. Валентина Житеневанын айтымында, Кыргызстанда улуу муунга көбүрөөк көңүл буруу зарыл.

“Өткөн жылы эле өлкөдө 18 миң кары адам дүйнө салган экен. Картаңдардын 60 пайызы жашоо–тиричилик минимумунан төмөн пенсия алышат. Биздин бирикме кары–картаңдардын жашоосун жакшыртууга аракет жасап келатат. Өткөн жылы Социалдык өнүктүрүү министрлиги Ош облусунда бул курактагы адамдар үчүн мамлекеттик социалдык тапшырык аркылуу убактылуу жашоо борборлорун ачкан. Мындай борборлор бардык жерде зарыл. Жалпысынан карылар системасын жакшыртуу керек: дары–дармектерди жеткиликтүү кылып, үйгө келген стационарларды уюштуруу зарыл”, деди Житенева.

Жолугушууда дагы бир тема картаңдарга жардам берүү үчүн мобилдик ремонттук бригадаларды уюштуруу мүмкүнчүлүгү тууралуу маселе болуп калды. “Көптөр жалгыз бой жашайт, алардын электрикчини чакырууга, же бир нерсени оңдоого күчү да, мүмкүнчүлүгү да жок. Мобилдик бригадалар майда ремонт боюнча бекер кызмат көрсөтө алмак”, – деп эсептейт ал.